**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Кыргыз билим берүү академиясы**

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МЕКТЕПКЕ БАРБАЙ КАЛГАН БАЛДАР

Мектепке барбай калган балдар менен иштөө боюнча колдонмо

Бишкек 2016

УДК

ББК

К

К Кыргызстандагы мектепке барбай калган балдар. Мектепке барбай калган балдар менен иштөө боюнча колдонмо/авт.-сост. М. Иманкулова, Л. Антонович. – Б.: «VRS Company», 2016. – 104 б.

ISBN

Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан басмага сунушталган.

Колдонмодо балдардын жалпы билим берүүчү мектептерге барбай коюусуна байланышкан актуалдуу көйгөй каралган. Анда мектепке барбай коюунун себептери, факторлору аныкталган. Балдардын мектепти таштоосунун алдын алуу жана аларды мектепке кайтарууга тийиштүү чараларды көрүү боюнча иш-чараларды өткөрүү үчүн идеялар, көрсөтмөлөр жана кеңештер да берилген.

Колдонмо жалпы билим берүүчү мектептердин педагогикалык коллективине, ошондой эле сапаттуу билим алуу боюнча балдар укуктарын коргоо маселелери менен алектенгендердин баарына арналат.

К УДК

ББК

ISBN

© UNICEF, 2016

# КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **КР ББжИМ** | Кыргыз Республикасынын билим берүү  жана илим министрлиги |
| **КББА** | Кыргыз билим берүү академиясы |
| **АӨ** | Айыл өкмөтү |
| **МБКБ** | Мектепке барбай койгон балдар |
| **УСК** | Улуттук статистика комитети |
| **ДСМЧА** | Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар |
| **ЖЖмИИ** | Жашы жете электер менен иштөө инспекциясы |
| **БМБК** | Балдар маселелери боюнча комиссия |
| **ЮНИСЕФ** | Бириккен Улуттар уюмунун Балдар Фонду |
| **ҮБмЖИП** | Үй-бүлө менен жекече иштөө планы |
| **БКЖП** | Балдарды коргоо боюнча жекече план |
| **ЭААТ** | Эрте алдын алуу системасы |
| **ТОЖ** | Турмуштук оор кырдаал |
| **ПМПКБ** | Психологиялык медико-педагогикалык кеңеш берүү |
| **ҮБжБКБ** | Үй-бүлөнү  жана балдарды колдоо бөлүмдөрү |
| **БББМС** | Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы |
| **ЖӨБО** | Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органы |
| **ҮДТ** | Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу |
| **БӨУ** | Бейөкмөт уюм |

# МАЗМУНУ


1. КИРИШҮҮ 5

1.1 Инструментарий эмне үчүн керек? 5

1.2 Колдонмонун максаты эмнеде? 5

1.3 Бул инструментарий кимдерге арналат? 6

1.4 Инструментарий боюнча колдонмого обзор 6

2. КӨЙГӨЙДҮ ТҮШҮНҮҮГӨ НЕГИЗДЕМЕ 8

2.1 Мектепке барбаган балдардын категориялары 8

2.1.1 Мектепте каттоого алынбаган балдар 8

2.1.2 Мектепти таштап кеткен балдар 9

2.1.3 Мектепти таштап кетүү коркунучунда турган балдар 9

2.2 Мектепке катталбаган, мектептен чыгып кеткен жана чыгып калуу коркунучунда турган балдардын өзгөчөлүктөрү 10

2.3 Мектепке катталбоонун, мектептен чыгып кетүүнүн жана чыгып кетүү коркунучунун факторлору 10

2.4 Маалыматтарды жыйноо жана алдын алуу, таасир этүү чаралары 12

3. МЕКТЕПКЕ КАТТАЛБАГАН БАЛДАРДЫ АНЫКТОО 14

3.1. № 667 токтомго ылайык мектепке катталбаган балдарды табуу 16

3.2. Мектепке барбаган мектеп жашындагы балдарды издеп табуунун башка стратегиялары 19

4. МЕКТЕПТЕН ЧЫГЫП КАЛУУ КОРКУНУЧУНДА ТУРГАН БАЛДАРДЫ ТАБУУ 21

4.1 Окууну таштап кетүү коркунучуна туш болгон балдарды табуу үчүн эртелеп алдын алуу системасы 21

4.2. Эртелеп алдын алуу системасы: Кадам артынан кадам 23

4.2.1 Мектептен чыгып калуу коркунучунда турган балдарды аныктоо 23

4.3 БББМС үчүн так маалыматтарды камсыз кылуунун маанилүүлүгү 28

Мектептен чыгып калуу коркунучундагы балдарды каттоо анкетасы 28

5. ИШТИ ЖҮРГҮЗҮҮ 32

5.1. Ишти жүргүзүүнүн кадамдары 32

5.1.1 Мектептен чыгып калуу коркунучунда турган балдарды аныктоо 33

5.1.2 Ишти баштоо жана аны жүргүзүүгө жоопкерчиликтүү адамды дайындоо 33

5.4 Окуучулардын керектөөлөрүн баалоо 34

5.5 Окуучуларды колдоо боюнча план түзүү 39

5.6 Планды жүзөгө ашыруу 39

5.7 Кабыл алынган чаралардын натыйжаларын баалоо жана ишке мониторинг жүргүзүү 42

5.8 Пландаштырылган натыйжаларга жеткенден кийин ишти жабуу 44

5.9 Ишти айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлерине, укук коргоо органдарына же шаарлардагы, райондордогу жоoптуу кызматкерлерге тапшыруу 44

**6. МЕКТЕПТИ ТАШТООНУ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА КАБЫЛДОО БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ИНСТРУМЕНТТЕР, КЕҢЕШТЕР, ИДЕЯЛАР 45**

6.1 Кийлигишүүнүн мисалдары 45

6.2 Ата-энелер менен жана окуучулар менен иштөө 50

6.3 Окуучуларды максаттуу колдоого алуу 54

6.3.1 Насаатчылык 54

6.3.2 Окуунун тепкичтерине өткөрүүчүлүк 56

6.4 Мектептен чыгып калуу тобокелдигине кабылышкан балдарды колдоо үчүн мугалимдерди кызыктыруу 56

6.4.1 Эмне үчүн бул маанилүү? 56

6.4.2 Сабакты өздөштүрүүсү начар окуучуларга колдоо көрсөтүү үчүн класстагы стратегия 57

6.4.3 Мугалимдерди кантип мотивдештирүү керек 57

**7. МЕКТЕПТЕГИ САБАККА КАТЫШУУ ЖАНА САБАКТЫ КАЛТЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИН ЧЕЧҮҮ 58**

7.1.2 Сабакты калтырууну башкаруунун маанилүүлүгү 59

7.2 Мектептеги сабактарга катышпагандык боюнча жоопкерчилик 60

7.3 Сабакты калтыруунун санын кыскартуу стратегиясынын мисалы 66

**8 ГЛОССАРИЙ 67**

**9 СУНУШТАЛУУЧУ АДАБИЯТТАР 71**

**10. ТИРКЕМЕ 73**

# 1 КИРИШҮҮ

## 1.1 Инструментарий эмне үчүн керек?

Биз адатта Кыргызстандагы балдардын баары мектепке барат деп ойлойбуз. Чындыгында, шаар жана айыл жерлеринде жашаган мектепке чейинки жана орто мектеп курагындагы балдардын көпчүлүгү мектепке барышпайт, же сабакты көп калтырышат. Мындан тышкары, мектепке такай барбаган айрым өспүрүмдөр 9-11-класстарды бүтүргөнгө чейин эле мектептик билим берүү системасынан чыгып калып жатышат.

Педагогикалык кызматкерлер кайсы балдар мектепке келбешин же үзгүлтүк менен келе турганын билишет, бирок алар мындай балдар жөнүндө толук маалымат алуу үчүн айыл өкмөттөрүнүн да маалыматтарына муктаж.

Мындан тышкары, көпчүлүк педагогдор мектепке келбеген балдардын маселесин чечүүдө иштиэмнеден баштоону билишпей кыйналышат. Мектепке такыр келбеген же сабакты көп калтырган балдар туш болуучу көйгөйлөр азыркы учурда бир топ эле татаал болгондуктан, алардан арылууга балдардын өздөрүнүн дарамети жетпейт. Алардын айрымдары ата-энелерине жардам берүү үчүн иштешсе, дагы бирөөнүн ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү, а кээ бири начар үй-бүлөдө жашашат.

Кээде балдар окутуунун ийгиликсиз тажрыйбасына туш болушкандыктан, же курбалдаштарынын кысымына дуушар болушкандыктан, мектепке баруудан өздөрү баш тартышат. Айрым балдар ата-энелерине талаа иштерине, тамак табуу үчүн жайлоодо иштөөгө, үй иштерин жасап, кичүү бир туугандарын кароого жардам бериши керек болгон үй-бүлөлөрдө жашашат. Кээ бир учурларда ата-энелер өздөрү балдары үчүн билим алуунун зарылдыгы жок деп эсептешип, же жашына байланыштуу балдарын мектепке жөнөтүүнү каалашпайт.

Бул колдонмо педагогикалык кызматкерлерге өздөрүнүн милдеттерин аныктоого жардам берүү жана балдарды мектепке тартуу маселесин чечүү боюнча инструменттерди сунуш кылуу максатында иштелип чыкты.

## 1.2 Колдонмонун максаты эмнеде?

Колдонмо балдарды мектепке каттоо жана окуучуларды мектепке тартуу процесстерин, бардык балдардын 9-классты аяктаганга чейин сабактарга такай катышуусун камсыз кылууда мектептердин жана коомчулуктун ролун күчөтүүнү, ошондой эле бул процесстерди ишке ашыруу үчүн педагогикалык жамаатты конкреттүү инструменттер жана стратегиялар менен камсыз кылууну көздөйт.

*Анын мазмуну төмөнкүлөргө багытталган:*

- Окууну таштоо коркунучуна туш болуучу балдарды ***аныктоонун жөнөкөй механизмдери менен тааныштыруу***;
- ***Педагогикалык жамаатты*** мектепке барбай калган жана мектепти таштап кетүү коркунучунда жүргөн балдарга тиешелүү конкреттүү кырдаалдарда жол табууга жардам берүүчү ***жөнөкөй стратегиялар жана инструменттер менен камсыз кылуу***;
- Мектепте катталбаган жана сабакка келбеген балдарды, ошондой эле окууну таштоо коркунучу бар балдарды табууга ***жамааттардын мүчөлөрүн тартуу***, алардын бул иштеги ***ролун жана жоопкерчилигин аныктоо***.

## 1.3 Бул инструментарий кимдерге арналат?

Бул колдонмо, баарынан мурда, педагогикалык кызматкерлерге арналат. Аларга мектепке барбаган, же сабакты көп калтырган жана окуу процессинен четте калуу коркунучунда турган балдарга байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүдө жардам берүүгө багытталган.

Анда балдардын өз убагында мектепке тартылуусуна жана үзгүлтүксүз катышуусуна, жок дегенде 9-классты аяктаганга чейин мектепте калуусуна жардам берүүчү конкреттүү инструменттер, стратегиялар жана техникалар камтылган.

Мындан тышкары, бул колдонмо мектептеги педагогикалык жана камкорчулар кеңештерине, ошондой эле ата-энелер комитеттерине да пайдалуу болушу мүмкүн.

Көпчүлүк мектеп жетекчилери, мугалимдер жана жамааттардын мүчөлөрү бардык балдардын билим алуусунун үстүндө иштөөнү улантып келе жатышат жана бул боюнча тажрыйбага ээ болушкан, ошондуктан колдонмодо бул ишти натыйжалуу жана иштиктүү жасоого мүмкүндүк берүүчү ийгиликтүү практикалар көрсөтүлгөн.

Ушул эле колдонмодо балдарды сабакка тартуу боюнча мектеп менен ата-энелердин, балдардын, жамаат мүчөлөрүнүн жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын биргеликте иштөөсү боюнча сунуштар, андан тышкары, мындай балдар үчүн инклюзивдик чөйрө түзүү жана окутуунун сапатын, сабакка катышуунун деңгээлин жогорулатууга жардам берүү боюнча сунуштар да камтылган.

## *1.4 Инструментарий боюнча колдонмого обзор*

«КӨЙГӨЙДҮ ТҮШҮНҮҮГӨ НЕГИЗДЕМЕДЕ» балдардын үч категориясы бөлүп көрсөтүлгөн: мектепке барбаган балдар; мектептен чыгарылган жана чыгып калуу коркунучунда турган балдар. Мында бул категориялардагы балдардын өзгөчөлүктөрү, мектепти таштоосуна таасир этүүчү факторлор, маалыматтарды жыйноо, алдын алуу жана таасир этүү чаралары да аныкталган.

Инструментарий боюнча колдонмо эки негизги бөлүмдү өз ичине камтыйт:

«ТААП ЧЫГУУ» бөлүмүндө мектепке катталбаган жана барбаган, ошондой эле мектепти таштап кеткен, же чыгып калуу коркунучунун алдында турган балдарды табуу маселелери каралат. Анда мектепке катталбаган балдарды табуу боюнча стратегиялар, ошондой эле мектеп курагындагы окубай жүргөн балдарды издөөнүн түрдүү методдору аныкталат. Ошондой эле, мектептен чыгып кетүү коркунучунун алдында турган балдарды таап чыгуу жана алдын ала эскертүү, билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы (БББМС) аркылуу так маалыматтарды камсыздоо маселелери каралат.

«АЛДЫН АЛУУ ЖАНА ТААСИР ЭТҮҮ» бөлүмүндө бардык балдардын мектепке катталуусун, үзгүлтүксүз катышууларын жана мектепти таштап кетпөөсүн камсыз кылууга таасир этүү жана мектепке барбай коюунун алдын алуу боюнча иш-чаралар баяндалган. Бөлүм өз ичине ишти жүргүзүү, окуучулардын керектөөлөрүн баалоо, «Балдар планын» түзүү, аны ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү, ошондой эле айрым ыйгарым укуктарды башка социалдык кызматтарга жана ведомстволорго өткөрүп берүү менен ишти жабуу сыяктуу инструменттерди камтыйт.

Ошону менен бирге бул бөлүмдө балдардын мектептен чыгып калуу учурларынын алдын алуу жана ага таасир этүү боюнча иш-чараларды өткөрүү үчүн Кыргызстандын мектептеринде ийгиликтүү колдонулуп келе жаткан стратегиялардын жана инструменттердин түрдүү мисалдары келтирилген. Мындай мисалдарга насаатчылыктыҮменторлукту, ата-энелер менен иштөөнү, мугалимдерди шыктандырууну, класста окуудан артта калгандарды колдоо стратегияларын кошууга болот.

Колдонмодо педагогикалык кызматкерлерге инструментарийде берилген ресурстарга багыт алууга жардам берүүчү төмөнкү белгилер пайдаланылат.

**Идеялар жана ой туудуруулар (подсказки)**

**Мисалдар**

**Инструменттер**

**Маанилүү**

# 2 КӨЙГӨЙДҮ ТҮШҮНҮҮГӨ НЕГИЗДЕМЕ

## 2.1 Мектепке барбаган балдардын категориялары

Ар кайсы өлкөлөрдө мектепке барбаган балдарды аныктоонун жолдору ар түрдүүчө. Көбүнчө аларды мектепти таштаган, окууга тартылбаган, же окутуу системасынан чыгарылган балдар деп аташат. Мында окуу учурунда балдар себептүү же себепсиз сабакты калтырган убакытка (3 күн, 10 күн, 40 күн, бир нече ай, жарым жыл же бир жыл, же мектепке таптакыр келбөө) басым жасалат. Мына ошондуктан, «мектепке барбаган балдар» деген түшүнүктүн өзү көп аспектилүү мазмунга ээ.

Колдонмодо бул көйгөй боюнча түрдүү өлкөлөрдө (Казакстан, Тажикстан,1ж.б.) жана өз өлкөбүздө жүргүзүлгөн изилдөөлөргө таянуу менен окууга тартылбаган балдардын төмөнкү үч негизги категориясын белгиледик:

- мектепке каттоого алынбаган балдар;
- мектепти таштап кеткен балдар;
- мектепти таштап кетүү коркунучунда турган балдар.

Мындай бөлүштүрүү балдардын мектепке тартылбай калышынын динамикасын жана факторлорун тагыраак айырмалоого, окууга тартылбаган балдарды таап чыгуу жана алардын себептерин аныктоо үчүн балдардын сабакка катышпоосунун ар бир учуруна тиешелүү инструменттерди тандоого, ошондой эле мектептеги бул көрүнүштүн алдын алуу жана жоюу боюнча иш чараларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

### 2.1.1 Мектепке каттоого алынбаган балдар

***Мектепке каттоого алынбаган балдар** – бул мектеп жашындагы, бирок мектепке кирбеген жана сабакка келбеген балдар.*

Балдардын бул категориясына мектеп жашындагы, бирок негизги билим берүүчү окуу жайларында катталбаган (1-9-класстар), ошондой эле май, август айларындагы каттоонун жыйынтыгында мектепте катталбай калган 6-7 жаштагы балдар кирет.

Мектеп мугалимдери айыл өкмөтүнүн жана кварталдык комитеттердин кызматкерлери менен биргеликте мектеп жашындагы балдардын май жана август каттоолорун жыл сайын жүргүзүшкөнүнө карабастан, окууга тартылбай калган бир топ балдар кездешет. Алардын катарына каттоосу жок балдар, мигранттардын балдары, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, туруктуу жашаган жери жок ж.б. балдар кирет.

Ошондой эле көпчүлүк балдар кожолук текшерүүдө тизмеге кошулбай жана каттоого алынбай, натыйжада жалпы билим берүүчү мектептер үчүн «көзгө көрүнбөс» да болуп калышат.

### 2.1.2 Мектепти таштап кеткен балдар

***Мектепти таштап кеткен балдар** – бул мектепке барып, сабактарга катышып жүрүп, бирок кайсыл бир убакта окуусун токтотуп койгон мектеп жашындагы балдар.*

Бул категорияга мектепке катталган, бирок түрдүү себептерден улам сабакка келбей койгон, ошол эле убакта мектептин микроаймагында жашап турган мектеп жашындагы балдар кирет. Булар - көбүнчө ата-энелери менен биргеликте же өз алдынча сезондук иштер менен алек болгон балдар. Мындай балдар түпкүлүгү кооптуу кырдаалдарга кабылышып, өздөрүнүн билим алуу

1 Мектепке барбаган балдарды жана окууну таштаган окуучуларды таап чыгуу жана мониторинг. Казакстан, 2013. – 83 бет; Билим берүү системасынан сыртта калган балдар: көйгөйлөр жана аны чечүүнүн жолдору. Тажикстан, 2005. – 22 бет; Мектепке барбай калган балдар, Кыргызстан, 2008. – 110 бет.

укугунан ажырап калышат да, окууда өздөрүнүн курбалдаштарын кууп жете алышпай, бара-бара мектепти таптакыр таштап коюшу ыктымал.

Биз маанилүү себептер менен сабактарды калтырган жана аны тастыктоочу документтери (дарыгердин маалым каты, түрдүү иш-чараларга катышуу үчүн администрациянын уруксаты ж.б.) бар, же сабактарды калтыруу маселесин мектеп өз алдынча жана өз учурунда чечип ала турган балдарды эсепке алган жокпуз.

### 2.1.3 Мектепти таштап кетүү коркунучунда турган балдар

***Мектепти таштап кетүү коркунучунда турган балдар** – бул мектепке тартылып, сабактарга катышып жүрүшкөн, бирок бир катар себептерге байланыштуу 9-классты бүтүргөнгө чейин эле окууну таштоо коркунучуна кабылган балдар.*

Бул категориядагы балдар мектептеги сабактарга катышышат, бирок жеке жана үй-бүлөлүк мүнөздөгү себептерден улам окуудан чыгып калуу коркунучунда турушат. Аларга сабактан качкан балдар, өздөштүрүүсү начар балдар, жүрүм-турумунда жана тартибинде көйгөйлөрү бар балдар, окушу кыйын болгон балдар жана 9 жылдык билим берүүнү аяктабай калуу коркунучунун түрдүү факторлору бар, социалдык аялуу топтогу балдар кирет. Алар мектепте каттоодо турушу керек, анткени бара-бара сабакка келбегендердин катарында болуп калышы мүмкүн.

## 2.2 Мектепке катталбаган, мектептен чыгып кеткен жана чыгып калуу коркунучунда турган балдардын өзгөчөлүктөрү

ЮНИСЕФ менен КРдин Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөлөр мектепке барбаган балдардын өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- тийиштүү куракта мектепке чейинки мекемелерге, же 1-класска катталбай калган 6-7 жаштагы балдар;
- милдеттүү 9 жылдык билим берүүнү аяктаганга чейин эле мектепти таштап койгон 15 жаштагы балдар;
- айыл жеринде жашашкан балдар жана кыздар;
- жакыр үй-бүлөлөрдүн балдары, айрыкча эркек балдар;
- ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар;
- өспүрүм балдар, өзгөчө 15 жаштагылар;
- кароосуз балдар;
- этникалык чыр-чатактардын кесепетинен жабырланган балдар;
- өзгөчө кырдаалдардын кесепетинен жабыр тарткан балдар;
- мигранттардын балдары (ички мигранттардын балдары да кошулат);
- жиктелген жамааттардын (мисалы, лөлүлөрдүн) балдары;
- жетишүүсү боюнча артта калган балдар;
- айыл жерлеринде мектепти таштоонун чоң коркунучуна кабылган өспүрүм балдар, ошол эле учурда шаар жеринде мектептен чыгып калуу коркунучуна кабылган өспүрүм кыздар.

Ошону менен бирге эле балдардын мектепти таштоосуна же мектептен чыгып калуу коркунучуна алып келе турган башка факторлор да кездешет.

## *2.3 Мектепке катталбоонун, мектептен чыгып кетүүнүн жана чыгып калуу коркунучунун факторлору*

Мектеп жашындагы балдардын окубай калууларына таасир тийгизүүчү окууга катталбоонун, таштап кетүүнүн, мектептен чыгып калуу коркунучунун факторлору төмөнкүлөр болушу мүмкүн[2]:

***Жекече факторлор:***

- ден соолугунун абалы жана ден соолугунун чектелүү физикалык мүмкүнчүлүктөрү;
- жаш курагы (15 же 7-8 жаштагы балдар - башка курактагыларга караганда мектептен чыгып калууга ыктымалдуу талапкерлер);
- жынысы (балдардын же кыздардын мектепти таштоосу белгилүү бир жеке жагдайларга байланыштуу болушу мүмкүн);
- жашаган жери (алыскы райондордогу окуучулар, жаңы конуштарда жашаган балдар);
- мурдагы тажрыйба (мисалы, баланын турмушта алган соккусу) ж.б.

***Үй-бүлөлүк факторлор:***

- үй-бүлө түзүмү (толук эмес үй-бүлө, туугандардын колунда тарбияланып жаткан балдар);
- баланын жүрүм-турумуна көңүл коштук:
- окуу процессинде жардамдын жоктугу;
- үй-бүлөдөгү оору, ичкилик жана баңгичилик, зордук-зомбулук;
- бир туугандарынын саны (көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарынын толук билим алууга мүмкүнчүлүгү аз болушу ыктымал; агалары жана эжелери мектепти таштаган балдар да мектептен чыгып кетүү  коркунучунда турары анык);
- үй-бүлөнүн ресурстары (төмөнкү деңгээлдеги кирешеге ээ үй-бүлөлөр);
- үй-бүлөнүн мобилдүүлүгү (мигранттардын балдары мектепти таштоо коркунучуна көбүрөөк дуушар болушат) ж.б.

***Жүрүм-турум  факторлору:***

- балдардын билим алуусу жагынан жана социалдык жактан өз ара аракеттешүүлөрү (мисалы, мектеп турмушуна тартылбаган, окугусу келбеген же түнт балдардын башкаларга караганда мектепти таштап кетүүлөрү көбүрөөк ыктымал);
- нормадан четтөө (мектепте жана андан сырткары жайларда жүрүм-туруму көйгөйлүү болгон балдар окубай калуу коркунучуна көбүрөөк кабылышат) ж.б.

***Билим берүү тажрыйбасы жана окуудагы  жетишүү менен байланышкан факторлор:***

- мектепке чейинки билимдин жоктугу;
- бир эле класста экинчи жылга ордунда калышы;
- мектеп чөйрөсүндөгү негативдүү тажрыйба (мисалы, мектептеги зомбулук);
- сабакты начар өздөштүрүү.

Бирок  жогоруда келтирилген факторлор менен бирге эле баланын мектепке тартылбай калуусуна жана таштап кетүүсүнө алып келүүчү мектептик факторлор да кездешет. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- социалдык жактан жайсыз үй-бүлөлөрдүн балдары көбүрөөк кабыл алынган мектептер, мындай учурда балдар жеткиликтүү колдоого ээ болушпайт;

2 Бардык балдар мектепте:мектепке жалпы катышууну камсыз кылуу. Жол картасы. – 2013. – 38 б. (кол жазма түрүндө)

- балдарга эне тилинде окуу үчүн класстарды сунуш кыла албаган же окутуу тилин үйрөнүүгө колдоо көрсөтө албаган мектептер;
- камкордук кеңештери начар иштеген мектептер;
- психологиялык жактан оор климаттагы мектептер;
- зордук-зомбулуктун жогорку деңгээли өкүм сүргөн мектеп;
- окуучулардын мектеп турмушуна жана башкаруусуна катышуусу төмөн болгон мектептер;
- ата-энелердин катышуусу начар, үй-бүлө, коомчулук жана мектептин ортосундагы байланыш жакшы уюшулбаган мектептер;
- окуучулардын мектепке таандык болуу сезимдерин, өзүн анын бир бөлүгү катары ойлоо сезимдерин тарбиялай албаган мектептер ж.б.

Мектепти айрым гана балдар таштап кетишет, ал эми башкалары окууну уланта беришет. Ошондуктан, окуучулардын мектепти таштап кетүүсүнө же окууну улантуусуна таасир этүүчү туруктуу факторлор да бар экендигин түшүнүү маанилүү.

***Башка факторлор***

Мындай факторлорго «документтердин жоктугу (туулгандыгы тууралуу күбөлүк, катталуу)» да мисал боло алат. Кээде айрым себептер бир нече факторлорго таандык болуп калышы мүмкүн, ошондой эле биз бөлүп көрсөткөн факторлор мектепке тартылбаган балдардын бир канча категорияларына тиешелүү болуп калышы да мүмкүн.

## 2.4 Маалыматтарды жыйноо жана алдын алуу, таасир этүү чаралары

Айрым факторлор балдардын мектепке катталбай калуусуна же чыгып калуусуна себеп болгону менен ар бир учур бири-биринен айырмаланып турат. Ошондуктан мектептин педагогикалык жамааты, айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлери, медициналык персоналдар, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана башка адистер ар бир балага жана ал туш болгон конкреттүү кырдаалга көңүл буруугa тийиш.

Айыл өкмөттөрү жана кварталдык комитеттер өз аймактарындагы мектеп жашындагы балдарды каттоо боюнча негизги жоопкерчиликти алып жүрүшөт. Ошондой эле алар аялуу балдарга жана үй-бүлөлөргө финансылык жардамдарды жана социалдык кызматтарды көрсөтүү менен бирге колдоо жоопкерчилигин да алып жүрүшөт. Ошол эле учурда аларга жыл сайын өз аймактарындагы мектепке тартылбай калган балдардын так жана толук тизмесин түзүү жоопкерчилиги да артылган.

Мектептерге өздөрүнүн микроаймактарындагы бардык балдарды кабыл алуу жана окуу учурунда аларга тийиштүү колдоо көрсөтүү жоопкерчилиги жүктөлөт. Ошондой эле алар өз аймактарындагы балдарды каттоого алуу жана мектепке тартылбай калган балдарды таап чыгуу иштерине активдүү катыша алышат.

Педагогикалык жамааттар окууну таштап кетүү коркунучунда турган балдарды аныкташып, алардын алдын алуу боюнча чараларды да көрүүгө тийиш. Мектептеги дискриминацияны жана зордук-зомбулукту жоюу боюнча административдик иштерди жакшыртуу, баланын өнүгүүсүнө багытталган түрдүү проекттерди жана чыгармачыл окуу ишмердүүлүктөрүн окуучуларга сунуштоо сыяктуу айрым чаралар жалпы эле мектеп системасында да колдонула берет.

Окууга такай барбаган же окуудан чыгып калуу коркунучунда турган балдардын конкреттүү кырдаалдарын чечүү үчүн мектептер жекече иш-чараларды жүзөгө ашыруулары керек.

# ТАБУУ

# 3 МЕКТЕПКЕ КАТТАЛБАГАН БАЛДАРДЫ ТАБУУ

Бул бөлүмдө мектепке барбаган балдарды табуу үчүн мектептер колдоно турган нормативдик документтер, нускамалар жана инструменттер берилди. Мектепте катталуу жана ага үзгүлтүксүз барып туруу - бул 6-7 жаштан тартып 16 жашка чейинки (же 9-классты аяктаганга чейинки) бардык балдар үчүн юридикалык талап.

Мектепке катталбаган балдар түрдүү мекемелердеги (билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо ж.б.) каттоолордо «көзгө көрүнбөй» калышы мүмкүн, же алардын айрымдарында гана (мисалы, бала үй-бүлөлүк дарыгердин каттоосунда турат, бирок мектептин каттоосунда жок) кездешет.

Мектепке барбаган балдарды таап чыгуу боюнча өз учурундагы жана маанилүү документ болуп «Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө жобону» бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кабыл алган токтому1 саналат. Ага ылайык турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табууну балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү менен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары биргеликте жүзөгө ашырат.

Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу жана аларга көмөк көрсөтүү боюнча иштерди төмөнкүлөр жүргүзөт:

- аймактык мамлекеттик органдар;
- Кыргыз Республикасынын жарандары;
- турмуштук оор кырдаалда турган балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык кызматтарды көрсөтүүчү коммерциялык эмес уюмдар.

Турмуштук оор кырдаалда турган балдар жана үй-бүлөлөр табылган учурда аталган органдар эки күн ичинде балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө маалымдоого милдеттүү.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун аткаруу органдары менен биргеликте турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү төмөнкү жолдор аркылуу табат:

- аймактык мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана жарандардын оозеки же жазуу түрүндөгү кайрылууларын алуу;
- массалык маалымат каражаттарынан маалыматтарды алуу;
- калк менен бирге пландаштырылган иш-чараларды (ар бир түтүндү текшерүү (анкета алуу), ведомстволор аралык рейдерди, акцияларды, жыйындарды, жолугушууларды өткөрүү..

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери балдардын жана үй-бүлөлөрдүн көйгөйлөрү жөнүндө маалымат алары менен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун аткаруу органынын кызматкери менен бирге 3 жумуш күнүнүн ичинде жашаган жерине барып, баланын (балдардын), үй-бүлөнүн, бала турган мекеменин көйгөйлөрүн иликтөөгө алат. Жобонун толук тексти ушул колдонмонун 5-тиркемесинде берилген.

Мектепке катталбаган жана көмүскөдө калган балдар башка уюмдар, адистер, коомчулук же жеке адамдар тарабынан да табылышы мүмкүн:

1 Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби// Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы № 391 токтому.




## 3.1 № 667 токтомго ылайык мектепке катталбаган балдарды табуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 14-ноябрындагы № 667 Токтомунда бекитилген мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү каттоого алуунун тартиби жөнүндө нускамага ылайык мектеп жашындагы балдарды каттоо жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, айыл өкмөттөрү тарабынан билим берүү мекемелери жана органдары менен биргеликте уюштурулат жана жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин органдары негизги баскычтагы (9 класс) милдеттүү окууга жашы туура келген балдарды каттоо үчүн даярдык көрүүгө жана өткөрүүгө катышуулары тийиш.

Тизмеге жыл сайын балдардын жана өспүрүмдөрдүн составында болуп өткөн өзгөрүүлөр киргизилет, тагыраак айтканда, келгендери киргизилип, кеткендери чыгарылат. Алардын окуп жаткандыгы да белгиленет. Жараксыз болуп калган тизмелер керектүү учурда жаңыланат.

Бул бөлүктө мектептер окууга катталбай калган балдарды табуу үчүн каттоонун мүмкүнчүлүктөрүн кантип толук түрдө пайдалана алышына түшүндүрмө берилет.

Балдарды каттоо өз аймагында жашаган балдардын тизмесин жаңылоого, ошондой эле мектепке катталбай калган жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды табууга жол ача турган маанилүү иш болуп саналат. Мектептердин катышуусу менен айыл өкмөттөрү түзгөн маалыматтар Улуттук статистикалык комитет тарабынан расмий улуттук басылмаларда пайдаланылат, ошондуктан балдарды каттоо натыйжалуу жүргүзүлүшү керек.

**!** *Балдарды каттоо жүргүзүлгөнгө чейин мектептер айыл өкмөттөрүнөн анын аймагында жашаган балдардын тизмесин сурашы керек. Эгер айыл өкмөттөрү бул тизмени бере албаса, мектеп алардын мындай тизме жүргүзүү боюнча юридикалык жактан жооптуу экендигин кабардар кыла алышат.*

**1-инструмент.**

№ 667 токтомду аткаруу боюнча мектеп директорунун буйругунун үлгүсү.

**Буйрук № ______ «____»_______________ж.**

**«Балдардын жана өспүрүмдөрдүн август каттоосу жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 14-ноябрында кабыл алынган № 667 токтомун аткаруу боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгынын 2015-жылдын 25-июлундагы № 301 буйругунун жана Свердловск районунун билим берүү борборунун 2015-жылдын 1-августундагы буйруктарын жетекчиликке алуу менен, окууга милдеттүү балдарды жана өспүрүмдөрдү  жалпы билим берүүгө тартуу максатында

**Пуйрук кыламын:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 14-ноябрындагы № 667 Токтомунда бекитилген «Мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү каттоо тартиби жөнүндө» нускамага ылайык 2015-жылдын 30-августуна чейин бекитилген микроаймактар боюнча мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү каттоого алуу жүргүзүлсүн.
2. Үй башкармалыктарынын каттоолорундагы жана үй китептериндеги  маалыматтар боюнча балдардын тизмесин тактоо жана түзүү Д.С.Асановага милдеттендирилсин.  Беш, алты, жети жаштардагы балдардын тизмелерин түзүүдө алардын туулган датасы толук көрсөтүлсүн. Өзгөчө муктаждыктагы  балдардын тизмеси форма боюнча  өзүнчө түзүлсүн.
3. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн мектепке келүүсү  тизмелерге ылайык текшерилсин. Жаңыдан келгендердин тизмесине кирбей калган балдардын себептери тактalsын.
4. Мектепке катталбай калган милдеттүү мектеп жашындагы (7 жаштан 9-классты аяктаганга чейин) балдардын  аты-жөнү, дареги жана катталбай калышынын себептери көрсөтүлсүн.
5. Мектептин микроучасткасында иш жүргүзүү үчүн педагогдор төмөнкүдөй тартипте бекитилсин:

| № | Дарек | Жооптуу мугалимдин аты-жөнү |
|---|---|---|
| 1. | Гоголь көч., 12 (1-75) | |
| 2. | Гоголь көч., 12 (76-150) | |
| 3. | ж.д.у.с. | |
| 4. | | |
| | | |

**Мектеп директору:** **Аты-жөнү**

## 2-инструмент:

**Мектепке катталбай калган жана келбей койгон милдеттүү мектеп жашындагы** (6-7 жаштан 9-классты аяктаганга чейинки) балдарды каттоо учурунда мектептерде колдонулуучу калыптын үлгүсү.

| Баланын аты-жөнү | Туулган жылы | Дареги | Мектепке катталбагандыгынын жана барбай коюусунун себеби | | | | | | | | | | | | | | | | | | Комментарийлер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Материалдык кыйынчылыктар | Ата-энелердин окутууну каалабагандыгы | Тийиштүү документтердин (ттулгандыгы тууралуу күбөлүк, каттоодо туруу) жоктугу | Үй-бүлөлүк жагдайлар | Окугусу келбегендик | Жайсыз үй-бүлө | Окутуу тилин билбегендик (качкындар) | Үй-бүлө күткөн, боюнда бар, же балалуу болушкан (ата, же эне болгон) | Иштейт | Транспорттун жоктугу (мектеп үйдөн алыста жайгашкан) | Убактылуу сезондук иштер (айыл чарба жумуштары, жайлоодо мал кайтаруу) | Тигил же бул класска жаш курагынын ылайык келбеши | Оорусу боюнча | Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар: | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | көзү азиздер; | кулагы укпагандар; | акыл-эс жагынан өнүгүүсү артта калгандар; | дене-бою жагынан өнүгүүсүндө кемчилдиги барлар; | балага ПМПКБдан «окутпайбыз» деген маалым кат берилген. | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

*№ 667 токтомдун 6-пунктунда (1-тиркеме) көрсөтүлгөндөй, мектепке катталбай калган милдеттүү мектеп жашындагы балдардын тизмеси айыл өкмөттөрүнө берилет, ошондой эле андан ары иш жүргүзүү үчүн мектептерде да сакталат.*

## 3.2 Мектепке барбаган мектеп жашындагы балдарды издеп табуунун башка стратегиялары

Мектепке катталбаган балдарды издеп табуу боюнча мүмкүн болгон башка стратегияларга төмөнкүлөр кирет:

- 1-класска катталган балдар тизмелери менен жарандык реестрдин кайчылаш маалыматы;
- мектептер, муниципиалитеттер, коммерциялык эмес уюмдар (мисалы, шаардык жаңы конуштарда), саламаттыкты сактоо тармагынын адистери тарабынан уюштурулган каттоо;
- социалдык же медициналык кызматкерлер үйгө барган учурда балдардын аныкталышы;
- мектептер жана муниципиалитеттер тарабынан уюштурулган элдик чогулуштар;
- тийиштүү жаш курактагы балдарды 1-класска кабыл алуу боюнча кампания;
- райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн адистери тарабынан окуучулардын кыймылын (бир мектептен экинчи мектепке өткөн балдар) көзөмөлдөө;
- балдардын кайчылаш жазуулары:
  - акчалай жөлөк пул алуу жөнүндө жазуулар;
  - ден соолугу жөнүндө жазуулар;
  - социалдык кызматтардагы ж.б. жазуулар.

**Мектепте окубаган балдарды табуу боюнча кошумча иш-чаралар**

Кыргызстанда 2012-жылы мектепте катталбаган мектеп жашындагы балдарды табуу боюнча жалпы республикалык кампания уюштурулган. Республикадагы бир нече министрликтер (Билим берүү жана илим министрлиги, Социалдык өнүктүрүү министрлиги, Саламаттыкты сактоо министрлиги, Ички иштер министрлиги, Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу министрлиги) мектепте окубай калган балдарды табуу боюнча күчтөрүн бириктиришкен. Бул акциянын жыйынтыгында 12 миңден ашуун бала табылып, алардын 6 миңден ашууну мектептерге ийгиликтүү кайтарылган.

**Мисалы:**

**Кыргызстандын жараны болбогон баланын билим алууга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу**

*Руслан – 2006-жылы туулган, чоң энеси жана эжеси менен жашайт, ата-энеси ажырашып кеткен. Бала туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок болгондуктан, бир жыл бою мектепке барган эмес.*

*Ал чоң энесинин тарбиясында, апасы Россияда иштейт, ал эми атасы Руслан кичинекей кезде таштап кеткен. Апасы убагында Өзбекстанда иштеп, ал жакта күйөөгө чыккан, бирок никеси расмий катталган эмес. Күйөөсү менен ажырашып, Кыргызстанга кайтып*

*келгенде, нике тууралуу документи жана баласынын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок болуп чыккан.*

*Русланды мектепке орноштурууга дароо эле мүмкүн болбоду. Жашаган жерин тактоо, балага документтерди даярдоо боюнча айыл өкмөтүнүн адистери менен бир нече жолу жолугушууга, юристтерден кеңеш алууга туура келди. Үй-бүлөсү, айыл өкмөтү, бейөкмөт уюм, мектеп – баарынын бири-бири менен өз ара аракеттешип, кабарлашып иштөөсүнүн натыйжасында гана ийгиликке жетише алышты. Азыркы учурда Руслан өзүн камкордукка алган чоң энесинин документтери аркылуу мектепке бара баштады.*

*Айыл өкмөтү балага туулгандыгы тууралуу күбөлүк жасоонун үстүндө иштеп жатса, айыл башчысы анын апасына Кыргызстандын жарандык паспортун алууга жардам берүүдө.*

Мындай мисалдар ар бир категориядагы балдар үчүн түрдүү деңгээлдерде (мектепте, социалдык кызматтарда жана жарандык коомдо) тиешелүү иштерди жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү идентификациялоонун механизмдерин аныктоого жардам берди (*1-таблицаны караңыз*).

*1-таблица.*

| **Мектепке тартылбаган балдардын категориялары** | **Идентификациялоочу механизм** |
|---|---|
| *Окууну таштап кетүү коркунучунда турган окуучулар* | *Мектеп базасында:* эртелеп алдын алуу системасы аркылуу. |
| *Мектепти жаңыдан таштаган окуучулар* | *Мектеп базасында:* эртелеп алдын алуу системасы жана сабакка катышууга мониторинг жүргүзүү аркылуу. |
| *Мектепке тартылбаган же келбеген балдар* | *Айыл өкмөтүнүн жана социалдык кызматтардын ж.б. базасында:*<br>• айыл өкмөтүнүн кызматкерлери (микроаймактардагы балдарды каттоо);<br>• саламаттыкты сактоонун адистери;<br>• социалдык коргоо тармагынын адистери;<br>• укук коргоо органдарынын кызматкерлери;<br>• жарандык коом;<br>• жеке адамдар ж.б. |

# 4 МЕКТЕПТЕН ЧЫГЫП КАЛУУ КОРКУНУЧУНДА ТУРГАН БАЛДАРДЫ ТАБУУ

Балдар мектепти таштап кеткенден кийин аларды кайра кайтаруу өтө кыйын, ошондуктан мектептен чыгып кетүүнүн алдын алуу педагогикалык жамааттын маанилүү иши болуп саналат. Бул бөлүмдө окууну таштоонун алдын алуу боюнча мектептер тарабынан жасалып жаткан иштерди жакшыртуу жана системалаштыруу, аны натыйжалуу аткаруу боюнча сунуштар камтылган.

## *4.1 Окууну таштап кетүү коркунучуна туш болгон балдарды табуу үчүн эртелеп алдын алуу системасы*

Эртелеп алдын алуу системасы – баланын мектептен чыгып кетүүсүнүн конкреттүү көрсөткүчтөрүнө негизделген, мектеп базасында колдонулуучу инструмент. Ал мектепти таштап кетүү коркунучунда турган окуучуларды табууга жана бир нече иш-чаралар аркылуу алардын мектепте болуусун, жок дегенде, 9-классты аяктаганга чейин узартууга жардам берет.

Бул система - алдын ала ойлонулуп, мектептин бардык педагогдоруна таанылган процедуралардын ырааттуулугун өз алдына койгон система. Ал мектептерге окууну таштап кетүү коркунучунда турган окуучулар жөнүндө сигналдарды (мисалы, айгай (тревога) көтөрүү, кызыл желек ж.б.), алдын алууларды өз убагында, б.а., бир нерсе жасоого өтө кеч болуп кала электе жөнөтүүгө мүмкүндүк берет.

Эгерде мектеп түрдүү себептер менен окуудан кетип калуу коркунучунда турган окуучуларды аныктай алса, анда балдардын мектепти таштап кетүүсүн натыйжалуу алдын алуу жана кырдаалды жеңилдетүү үчүн өз убагында чара көрүүгө туура келет.

Бул эртелеп алдын алуу системасын жээктеги аймакка суу ташкындоо коркунучун жараткан дарыядагы суунун деңгээлинин мониторинги менен салыштырыңыз. Эгер суунун жогорку деңгээли жөнүндө эскертүү өз убагында жиберилсе, эл даярдык көрүүгө, кум салынган каптар менен жээкке тосмолорду коюуга же аймакты таштап кетүүгө үлгүрөт. Эгерде эскертүү өтө кеч берилсе, анда калк кандайдыр бир чараларды көрүүгө үлгүрбөй, суу ташкыны жергиликтүү аймактын инфраструктурасына олуттуу зыян алып келип эле токтобостон, адам өмүрүн да алып кетиши мүмкүн.

Чоң коркунучтагы ташкындоо болорун так билген учурда гана суу ташкыны жөнүндө элге кабарланууга тийиш. Бул учурда алдын ала эскертүү майнаптуу (эффективдүү) болот. Эгерде суу ташкыны анча коркунучтуу болбой, бирок ал жөнүндө алдын ала эскертүү кайра-кайра жибериле берсе, анда эл ага көңүл бурбай коңт.

Мурдагы суу ташкынынын тажрыйбасынын негизинде качан жергиликтүү аймакта суу ташкындоо коркунучу анык күтүлөрүн (мисалы, суунун деңгээли белгилүү бир өлчөмдүк чекке чейин көтөрүлгөн учурда) айта алабыз. Кээде суу эскертүү жиберилген акыркы чегине чейин көтөрүлсө да, дарыя ташыбай калган учурлар болот. Мындай болсо жакшы. Эгерде алдын ала эскертүү жиберилбей туруп суу ташкыны келип чыкса, анда анын кесепети өтө оор болору анык.

- ЭААСты жайылтуу – бул учурда көпчүлүк мектептер жүзөгө ашырып жүргөн ишке жана иш-чараларга формалдуу статусту ыйгаруу эле.
- Балдардын абалын алардын өздөрүнүн жана үй-бүлөлөрүнүн көз карашы менен кароо өтө манилүү.
- Балдар түрдүү кыйынчылыктарга дуушар болушат жана аларга ар кандай түрдөгү колдоо талап кылынат.
- Мектеп, бала жана үй-бүлөлөр ортосундагы диалогду орнотуу зарыл.
- Мектеп директорлору, мугалимдер, класс жетекчилер, мектептердеги социалдык педагогдор, психологдор жана жамааттардын мүчөлөрү – булардын баары мектепте калган балдарга колдоо көрсөтүү ишинде жана эртелеп алдын алуу системасында өз ролдоруна жана милдеттерине ээ.

## 4.2 Эртелеп алдын алуу системасы: Кадам артынан кадам

Бул диаграмма мектепти таштап кетүү коркунучунун алдында турган окуучуларды табуу үчүн эртелеп алдын алуу системасынын ырааттуу кадамдарын аныктайт.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мектеп көрсөткүчтөрдүн тизмесин бекитет | Класс жетекчилерге идентификациялоо баракчаларын таркатылат | Класс жетекчилер идентификациялоо баракчаларын толтурушат | Мектеп кеңеши окууну таштоо коркунучунун алдында турган балдардын маселелерин талкуулоо үчүн чогулат | Процесс ведения конвретного дела |

### 4.2.1 Мектептен чыгып калуу коркунучунда турган балдарды аныктоо

**А) Мектеп көрсөткүчтөрдүн тизмегин кабыл алат**

Мектепти таштап кетүү коркунучунун көрсөткүчтөрү катары төмөнкүлөрдү кабыл алуу сунушталат:

Окуучу:

- сабакты көп калтырат;
- жетишүүсү артта калган;
- өзүн начар алып жүрөт;
- өзүнүн классташтарынан жашы улуу;
- ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү;
- үй-бүлөлүк оор жагдайда турат ж.б.

Мектептер жекече өзгөчөлүктөрүнө таянып, өздөрүнүн көрсөткүчтөрүн иштеп чыкса болот, бирок алгач мүмкүн болушунча сунуш кылынган көрсөткүчтөрдүн топтому менен иштеп көрүшү керек.

**Б) Мектеп класс жетекчилерге идентификациялоо баракчаларын таркатат**

Идентификациялык баракчада окууну аяктабай туруп таштап кетүү коркунучунун алдында турган балдарды табуу үчүн көрсөткүчтөр берилген.

***В) Класс жетекчилер идентификациялоо баракчаларын толтурушат***

Идентификациялоо баракчасы класс жетекчи тарабынан толтурулушу керек.

Бала коркунуч зонасында турган учурда класс жетекчи тилкеге 1 ди коңт (сабакка катышуусуна 2 деген белги коюла турган тилкеден тышкары, төмөн жактагы мисалды караңыз).

Класс жетекчилер «коркунуч факторлорунун» санын белгилешет (упайлардын саны кошо берилген “Коркунуч факторлорун баалоо таблицасындагы” мисалды караңыз).

Сабакка катышуусу жөнүндө маалыматтардын жана коркунуч факторлорунун санына таянуу менен класс жетекчи мектеп жетекчилигине ар бир баланын окууну үзгүлтүккө учуратуу коркунучунун деңгээли тууралуу маалымат берет.

Коркунуч деңгээли төмөндөгүдөй чыгарылат:

**Коркунуч факторлорун баалоо таблицасы**

| Коркунуч факторлорун баалоо | Коркунучтун деңгээли |
|---|---|
| Баа: 2 балл (сабакка катышпоо) | (жашыл түс) |
| Баа: 2 балл (сабакка катышуу гана) | Коркунуч күтүлөт (сары түс) |
| Баа: 3 же андан ашык балл | Чоң коркунуч күтүлөт (кызыл түс) |

**ЭСКЕРТҮҮ:**

*«Коркунуч күтүлгөн» бардык эле окуучулар мектепти таштап кетишпейт! Окуучулар коркунучтун деңгээлин жеңе алуучу күчкө жана туруктуулукка ээ. Бул, мисалы, сабакка үзгүлтүксүз катышуу, күчтүү мотивация, тилдик жана математикалык көндүмдөр, профилдешпеген айрым предметтерге, анын ичинде искусство жана спортко жөндөмдүүлүк, ошондой эле үй-бүлөнүн, коомчулуктун жана теңтуштарынын колдоосу ж.б.*

Класс жетекчилер идентификациялоо баракчаларын **мектеп директоруна** тапшырышат.

***Г) Мектеп кеңеши окууну таштоо коркунучунун алдында турган балдардын маселелерин талкуулоо үчүн чогулат***

Бардык идентификация баракчаларын алгандан кийин мектеп директору:

- класс жетекчилер;
- социалдык педагог;
- директордун орун басарлары;
- ата-энелер комитетинин өкүлдөрү менен жолугушуу өткөрөт.

Жолугушуунун жүрүшүндө мектепти таштоо коркунучунун жогорку деңгээлинде (кызыл) жана коркунуч күтүлгөн деңгээлде (сары) турган бардык балдардын тизмелери талкууланышы жана бекитилиши керек. Мектептен кетүү коркунучунда турган балдардын тизмеси текшерилгенден кийин, иш жүргүзүү процессин баштоого болот.

Кошумча маалымат алуу үчүн алдын алуу жана таасир этүү боюнча кийинки бөлүмдү карасаңыз болот.

## Идентификациялоо баракчасы

**Мектеп:** **Класс жетекчи:** **Класс:**

| Окуучулар | Сабакка катышуусу | Коркунучтун башка факторлору: Предметтер боюнча жетишүүсү | Жүрүм-туруму | Жашы | Ден соолугу | Үй-бүлөлүк жагдайлары | Коркунуч факторлорунун жалпы саны | Коркунучтун деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Окуу жылы башталгандан бери бала 5 күндөн ашык сабак калтырды. Бала өткөн окуу жылынын ичинде эч кандай маанилүү себептерсиз эле сабактарды такай калтырган. Бала сабактарга келбей койгон жана эми гана мектепке кайтты. (х 2) | Бала кыргыз/ орус/өзбек тилинен жана математикадан кыйналат (эки предметтен тең «2» алган, же бир предметтен «2», экинчи предметтен үч алган)[2]. (х1) | Бала ар дайым жүрүм-турум эрежелерин бузат же класстарына жана мугалимдерге агрессивдүү мамиле жасайт. (х1) | Бала өз классташтарынан 2 жаш чоң. (х1) | Баланын ден соолугу-нан мүмкүнчүлүгү чектелүү. (х1) | Бала ата-энеси менен бирге жашабайт же ата-энеси жок.<br>Бала өтө жакыр үй-бүлөдөн. Бала үйдө зордук-зомбулукка кабылат. Баланын ата-энеси окууну маанилүү деп эсептешпейт. Баланын бир туугандарыҮата-энеси мектепти таштап койгон. Баланын үй-бүлөсү башка өзгөчө кыйынчылыктарга туш болгон. (х1) | | |
| *Арслан* | 2 | | 1 | | | 1 | 4 | Коркунучтун жогорку деңгээли (кызыл) |
| *Гульзина* | | 1 | | 1 | 1 | | 3 | Коркунучтун жогорку деңгээли (кызыл) |
| *Фархад* | 2 | | | | | | 2 | Коркунуч бар (сары түс) |
| *Сергей* | | | | 1 | | 1 | 2 | (жашыл түс) |
| *Алина* | | | 1 | | | | 1 | (жашыл түс) |

2 Мектеп бала окуган классты эске алуу менен 2 же 3 пунктту кошумчалап, бул көрсөткүчтү өзгөртүп алса болот.

Окуучулар тууралуу маалыматтары электрондук түрдө сакталган мектептер ***электрондук эртелеп алдын алуу системасын*** түзүп алышса болот. Ал мектептен чыгып кетүү коркунучуна кезиккен балдарды автоматтык түрдө идентификациялай алат.

*Кыргызстандагы бардык мектептер Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин* ***билим берүүнү башкаруунун электрондук маалымат системасына*** *туташтырылат, анда мектепке келбеген окуучулар тууралуу бөлүм бар. Маалыматтарды топтоо окууну таштап кетүү коркунучунда турган балдарды мектептердин жакшы таап чыгуусуна мүмкүндүк берет.*

## 4.3 Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы үчүн так маалыматтарды камсыз кылуунун маанилүүлүгү

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги азыркы учурда бардык мектептер боюнча маалыматты электрондук түрдө ***БББМС*** деп аталган ***билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасына*** киргизүүгө тийиш болгон ***маалыматтарды топтоонун жаңы системасын*** жайылтууда. Бул өз ичине мектеп имараттары, мугалимдери, окутулуучу предметтер жана окуучулар тууралуу маалыматтарды камтыйт.

БББМСке окуучуларды каттоо боюнча ***«Мектептен чыгып калуу коркунучундагы балдарды каттоо боюнча анкета»*** деп аталган өзүнчө модуль киргизилген. Бул модулда мектептер ар бир окуучу жөнүндө кабарлоого тийиш болгон көрсөткүчтөр менен катар сабак калтыруулар (сабак калтыруулардын саны), баланы мектепти таштап кетүү коркунучуна дуушарланта турган социалдык-экономикалык жана жекече мүнөздөгү факторлор өңдүү маалыматтар камтылат,  Көрсөткүчтөрдүн тизмеси төмөндө берилген:

**Мектептен чыгып калуу коркунучундагы балдарды каттоо боюнча анкета**

| № | Көрсөткүчтөр | Саны |
|---|---|---|
| | **Ден соолугу жана өнүгүүсү** | |
| 1. | Ден соолугунун чектелген мүмкүнчүлүгүҮ майыптыгы | |
| 2. | Өнүгүүсүнүн артта калышы жана өзгөчө маалымат берүүчү керектөөлөрү | |
| 3. | Кебиндеги жана пикир алышуусундагы маанилүү кыйынчылыктар | |
| 4. | Эмоционалдык чүнчүгөн абалы | |
| | **Окутуу процесси** | |
| 1. | Бир окуу жылында 40 окуу күнүнөн көп мектепке келбейт | |
| 2. | Жетишүүсү  начар / натыйжалары төмөн | |
| 3. | Артта калуу / өзүнүн классташтарынан жашы боюнча, жок дегенде, бир жашка чоң | |
| 4. | Мектептин географиялык жактан алыс жана жетүүгө кыйын жерде жайгашуусу | |
| 5. | Мектепке чейинки даярдыктын жоктугу (башталгыч мектептин окуучулары үчүн) | |
| | **Социалдык мамилелер, баалуулуктар жана жүрүм-турум** | |
| 1. | Жүрүм-турумдук көйгөйлөр же үйдөгү жана коомчулуктагы асоциалдык жүрүм-турум (алдоо, чыр-чатактуулук, тамеки чегүү, агрессивдүүлүк, уурдоо, мушташуу, мектеп рэкетчилиги, үйдөн качып кетүү ж.б.) | |
| 2. | Баңгизаттарды, алкоголдук ичимдиктерди  колдонуу | |
| 3. | Мыйзам менен конфликт | |
| 4. | Жогорку коркунучтагы топто өз теңтуштары менен пикир алышуу же топко кирүү | |
| 5. | Мектептен сырткары жердеги жогорку даражадагы социалдык активдүүлүк | |

| | | |
|---|---|---|
| **Эмгек жана жумуштуулук** | | |
| 1. | Иштеген бала (толук же жарым-жартылай) | |
| 2. | Үй жумуштарына көп убакыт коротот | |
| 3. | Өзүнөн кичүү ини-карындаштарына ата-энелик (ата, же эне) милдет аткарат | |
| **Үй-бүлөлүк факторлор** | | |
| 1. | Аз камсыз болгон үй-бүлө | |
| 2. | Толук эмес үй-бүлө | |
| 3. | Экстремалдык кырдаалда калган үй-бүлө (табигый кырсыктардан же ошого окшогон окуялардан жабыркаган үй-бүлө, качкындардын үй-бүлөсү жана башка жактан көчүрүлүп келген үй-бүлө) | |
| 4. | Көп балалуу үй-бүлө | |
| 5. | Курамында эмгекке жарамсыз же узак убакыттан бери ооруга чалдыккан мүчөсү, майыптары, анын ичинде майып балдары бар үй-бүлө | |
| 6. | Психологиялык жактан жагымсыз микроклиматтагы үй-бүлө (чыр-чатактар, араздашуулар, ата-энелердин ажырашуулары, жакын адамын жоготуу ж.б.) | |
| 7. | Балдары же аялдары физикалык, сексуалдык же эмоционалдык түрдүү зордук-зомбулукка кабылган үй-бүлө | |
| 8. | Ата-энеси же жашы жете электерди мыйзамдуу кароого алган өкүлдөр аларды тарбиялоо, окутуу жана багуу боюнча өз милдеттерин аткарышпайт, алардын жүрүм-турумуна тескери таасирин тийгизишет же аларга катаал мамиле жасашат. | |
| 9. | Алкоголдук ичимдиктерди же баңгизаттарды колдонгон мүчөсү бар үй-бүлө | |
| 10. | Бир мүчөсү кылмыш жоопкерчилигине тартылган үй-бүлө | |
| 11. | Турак-жай көйгөйүн тарткан же ыңгайсыз шартта жашаган үй-бүлө | |
| 12. | Агасы же эжеси окууну таштап койгон үй-бүлө | |
| 13. | Билим алууга тескери мамиледеги, балдары үчүн мектепте окуунун зарылдыгын түшүнбөгөн үй-бүлө | |

Мектептер конкреттүү бала үчүн маанилүү болгон бардык көрсөткүчтөрдү белгилеши керек. Бул көрсөткүчтөр эртелеп алдын алуу системасынын бир бөлүгү катары пайдаланылышы мүмкүн. Мисалы, баланын тушунда төмөнкү көрсөткүчтөр белгиленген болсо:

- «бала 40 күндөн ашуун сабакка келбеди»;
- «баланын жетишүүсү начар»;
- «бала толук, же толук эмес жумуш күнү иштейт», демек ал мектепти биротоло таштоонун жогорку тобокелдигине кирет.

Ушуга окшош эле, эгерде:

- бала «жайсыз үй-бүлөдө жашайт»;
- «көп балалуу үй-бүлөдөн»;
- «зомбулук жасалган үй-бүлө»;
- бала «мыйзам менен конфликтте»;
- «баңгичиликке азгырылган» деген көрсөткүчтөр белгиленсе, демек мында да бала мектепти биротоло таштоонун жогорку тобокелдигине кирет жана мектеп баланын окуудан чыгып калышынын алдын алуусу керек.

БББМС таблицасында мүнөздөлгөн БАЛДАРДЫН БААРЫ ЭЛЕ мектептен чыгып калбашын эске алыңыздар. Ошондуктан мындай балдардан алдын ала түңүлүүнүн кереги жок, тескерисинче, мүмкүн болушунча колдоо көрсөтүү зарыл.

# АЛДЫН АЛУУ ЖАНА ТААСИР ЭТҮҮ

# 5 ИШТИ ЖҮРГҮЗҮҮ

Ишти жүргүзүү окуучулардын мектепти таштоо коркунучунун алдын алуунун жана мектепке катталбаган, же узак убакытка чейин (бир нече айлардан тартып бир нече жылдарга чейин) окууну үзгүлтүккө учураткан балдарды ***билим алууга ийгиликтүү кайтарып алууну камсыз кылууда*** маанилүү инструмент болуп саналат.

«Иш» дегенде биз колдоого муктаж болгон баланын кырдаалын түшүнөбүз. Ал эми «жүргүзүү» дегенде балдардын мектепке келбей коюусунун алдын алуу жана ага таасир этүү үчүн уюштурулган чараларды жана механизмдерди түшүнсөк болот.

Иш жүргүзүүнүн максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- «иш» үчүн зарыл ресурстарды (мектепке барбаган, же мектепти таштоо коркунучунда жүргөн баланы) табуу жана мобилизациялоо;
- баланы ар тараптан колдоого алуу жана ага көмөк көрсөтүү боюнча иш-чараларды координациялоо үчүн социалдык кызматтардагы түрдүү адистердин биргелешип аракеттешүүсүнө жетишүү.

## *5.1 Ишти жүргүзүүнүн кадамдары*

Ишти жүргүзүүнүн этаптары төмөндө кошумча баяндалган:




## *Мектептен чыгып калуу коркунучунда турган балдарды аныктоо*

Иш жүргүзүүнүн методологиясы балдардын төмөнкү категорияларына карата колдонулушу керек:

- эртелеп алдын алуу системасынын жардамы менен аныкталган мектепти таштоо алдында турган балдар (мурдагы бөлүмдө баяндалган);
- мектепти таштап кеткен балдар (маанилүү себептерсиз сабакты 40 күндөн ашуун калтырган балдар);

- № 667 токтомго ылайык балдарды жана өспүрүмдөрдү каттоонун жүрүшүндө табылган, же башка жолдор менен (3 бөлүмдүн 3,1, 3.2, 3.3 тарамдарында көрсөтүлгөндөй) аныкталган мектепке катталбаган же окуудан чыгып калган мектеп жашындагы окуучулар.

Бул окуучуларды идентификациялоонун механизмдери ушул колдонмонун мурдагы бөлүмүндө баяндалган.

## *Иштибаштоо жана аны жүргүзүүгө жооптуу адамды дайындоо*

Ишти жүргүзүү үчүн жооптуу адамга мектептен чыгып калуунун коркунучунда турган, же чыгып калуу коркунучунун жогорку деңгээлине кирген ар бир бала бекитилип берилүүгө тийиш. Эрежеге ылайык, ал мектеп кеңешинин окуудан чыгып калуу коркунучунда турган балдарды аныктоо маселелерине арналган жолугушуусунун жүрүшүндө дайындалат. Мындай жолугушуулардын жүрүшүндө мектепке катталбай калган жана мектепти таштап кеткен балдардын маселелери да талкууланат.

Иш жүргүзүү үчүн жооптуу адам баланын керектөөлөрүн баалоону, балага карата аракеттердин планын иштеп чыгууну жана ал планды жүзөгө ашырууну координациялайт. Ишти жүргүзүүгө жооптуу катары класс жетекчи, социалдык педагог, предметчи мугалим, улуулардын же балдардын арасынан тандалган насаатчы ж.б. боло алат.

***Мектептен чыгып калуу коркунучунда турган балдар:*** *Мектептен чыгып калуу коркунучунда турган (сары түс) балдардын иши класс жетекчилери тарабынан, ал эми мектептен чыгып калуу коркунучунун жогорку деңгээлине кирген балдардын (кызыл түс) иши социалдык педагог, же директордун орун басары тарабынан жүргүзүлүүсү сунуш кылынат.*

***Мектепти таштаган балдар:*** *Мындай балдар менен иш алып барууга социалдык педагог же директордун орун басары жооптуу болушу сунушталат.*

***Мектепке катталбаган жана окууга барбаган мектеп жашындагы балдар:*** *Мындай балдар менен мектеп директору же директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары иш алып баруусу сунушталат.*

Бала менен иш алып барууга жооптуу болуп бекитилгендер төмөнкү милдеттерди аткарышат:

- баланын мектепке барбоосунун себептерин аныктоо, мектептен чыгып кетүү коркунучунун башка факторлорун баалоо жана кездешкен көйгөйлөрдүн чечүү жолдорун белгилөө үчүн бала жана анын үй-бүлөсү менен байланышты колго алуу;
- балага мектепке кайтууга жардам берүүчү жана жок дегенде 9 жылдык билимге ээ болгонго чейин окуусун улантууга чакыруучу иш-чараларды өткөрүү максатында адистер (айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлери, медициналык кызматкерлер, укук коргоо органдары ж.б.) жана коммерциялык эмес уюмдар менен байланышты колдоо;
- баланын ишине (сабакка катышуусуна, жүрүм-турумуна, жетишүүсүнө ж.б.д.у.с.) мониторинг жүргүзүү жана бала менен, ата-энеси жана башка тиешелүү кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн бардык иш-чараларды жазып белгилеп коюу;
- баланын ишине катышкандардын баары (анын ичинде адистер) менен байланыш түзүү үчүн координациялоочу борбор болуу;
- баланын жүрүм-турумунун жана сабакка катышуусунун көрсөткүчтөрүн жакшыртуу боюнча ишиндеги жетишкендиктер жөнүндө мектеп жетекчилигине оозеки жана жазуу түрүндө маалымат берүү.

Бала менен иш алып барууга жооптуу адам өзү камкордукка алган окуучуга тиешелүү бардык документтерди папкада сактоосу сунуш кылынат. Бул маалымат конфиденциалдуу болуп саналат жана ишке тиешеси жок адамдар тарабынан колдонулбашы керек. Ошондой эле бул маалыматтарды эч убакта башка окуучуларга жарыялабоо керек.

Иш чараларды жазып жүрүү маанилүү. Бул мектепке узак убакыт бою баладагы кырдаалдын өнүгүшүн көзөмөлдөөгө, ошондой эле балага колдоо көрсөтүү боюнча мектеп тарабынан өткөрүлгөн бардык иш-чараларды жазып белгилөөгө мүмкүндүк берет. Жазма далилдер ата-энелер менен, же айыл өкмөтүнүн адистери менен, же райондук деңгээлдеги чиновниктер менен мамиле түзүүдө керек болуп калышы мүмкүн. Бул болсо баланын кызыкчылыктарын коргоо үчүн мектеп колдон келгендин баарын жасаганын көрсөтүп турат.

## 5.2 Окуучулардын керектөөлөрүн баалоо

Балдардын керектөөлөрүн жана жагдайларын баалоо үчүн иш жүргүзүүгө жооптуу адам бала жана анын үй-бүлөсү менен жолугушуусу керек.

Балдар жана алардын ата-энелери менен жолугушуу учурунда ал төмөнкүлөрдү аткарат:

- баланын сабакты көп калтырышынын, мектепке барбай коюшунун, мектептен чыгып кетүүсүнүн, окуусун өздөштүрө албай жаткандыгынын же өзүн начар алып жүрүүсүнүн себептерин жана анын билим алуусуна таасирин тийгизүүчү ар кандай башка факторлорду аныктайт;
- баланын мектепке кайтуусуна же мектепте калуусуна, сабакка такай катышуусуна, өзүнүн жүрүм-турумун жана жетишүүсүн жакшыртуусуна жардам берүү үчүн мүмкүн болгон чечимдерди жана чараларды иликтейт;
- мектепте мугалимдер, үй-бүлөсүҮ ата-энелери, бала жана зарыл болгон учурда башка адамдар (мисалы, социалдык кызматкерлер, айыл өкмөтүндө иштегендер, үй-бүлө мүчөлөрү ж.б.) тарабынан жүзөгө ашырылуучу бир катар иш-чараларды бала жана анын ата-энеси менен макулдашат.

**3-инструмент:**

Ата-энелер менен жолугушуу үчүн маектешүүнүн болжолдуу үлгүсү

*Урматтуу ата-энелер, биз балдарыңыздардын сабакка барбай коюусунун себептерин тактайбыз жана натыйжасы балдарды мектепке кайтарууга жардам бере турган маектешүү өткөрөбүз. Сиздерден сунушталган суроолорго жооп берип, маектешүүгө катышууңуздарды өтүнөбүз. Биз өз учурунда маектешүүнүн натыйжасы даректүү түрдө таратылбай тургандыгына кепилдик беребиз.*

**Жалпы маалыматтар:**

1. Баланын аты-жөнү ______________________________________________

2. Туулган жылы _________________________

3. Окуган классы ___________________________________

4. Дареги ____________________ телефону (уюлдук тел.) _____________________

**Суроолор:**

1. Балаңыз сабакты көп калтырабы?
2. Сиздин көз карашыңызча, сабакты калтырышына эмне себеп болууда?
3. Балаңызга үй тапшырмасын аткарууга жардам бересизби?
4. Балаңыз үчүн билим алуу милдеттүү деп эсептейсизби?
5. Балаңыз келечекте ким болууну каалайт?

6. Балаңыз мектепте кимдир бирөөлөр менен (мугалимдер, окуучулар менен) конфликтке барабы?
7. Кайсы окуу предметтерин жеңил өздөштүрөт, а кайсыларды өздөштүрүшү кыйын?
8. Балаңызды ишке (үй жумуштарына, сезондук иштерге ж.б.у.с.) тартасызбы?
9. Балаңыз окуу учурунда иш менен алектенеби?
10. Балаңыздын мектептеги окуусуна материалдык кыйынчылыктар таасирин тийгизеби?
11. Балаңыз окууга керектүү бардык буюмдар менен камсыз болгонбу?
12. Балаңыз окуусуна жолтоо болуучу кандайдыр бир оору менен оорубайбы?
13. Балаңыз бош убактысында эмне менен алектенет?
14. Балаңыздын достору анын сабакка катышуусуна терс таасирин тийгизишеби?
15. Бош убактыңызда балаңыз менен бош убакытта тез-тез баарлашып турасызбы?
16. Сиздин оюңузча, балаңыздын сабакка үзгүлтүксүз катышуусу үчүн эмне зарыл?
17. Баланы окутуу жана тарбиялоо боюнча мектеп Сизге кандай жардам көрсөтөт?
18. Балаңыздын/кызыңыздын мектепке барышына улуулардан же досторунан кимдер оң таасир көрсөтө алышы мүмкүн?

### Ата-энелер менен жолугушууну уюштуруу

***Ата-энелер менен жолугушууларды ийгиликтүү өткөрүү боюнча бир нече кеңештер:***

1. Ата-энелер менен жолугушууну аларга ыңгайлуу убакытта жана ылайыктуу жерде уюштуруңуз.
2. Атасы менен да, апасы менен да, зарыл болгон учурда өз өзүнчө да жолугушууга аракеттениңиз.
3. Өзүңүздү тааныштырыңыз.
4. Жолугушуунун себебин так түшүндүрүңүз (мисалы, бала сабакты көп калтырды, бала сабактарга кечигип келет, баланын жүрүм-турумунда көйгөй бар, начар окуйт, бала абдан чарчаңкы көрүнөт ж.б.).
5. Ата-энелерден бул көйгөйгө жекече түшүндүрмөсүн, өзүнүн көз карашын билдирүүсүн өтүнүңүз.
6. Көйгөйдүн мүмкүн болгон чечүү жолдорун талкуулаңыздар: көйгөйдү чечүү үчүн ар бир тарап (мектеп, ата-энелер, коомчулуктун башка мүчөлөрү) эмне кыла ала турганын ойлонгула.
7. Ата-энелерге алар ала турган социалдык жардам жана башка жеңилдиктер, же колдоо көрсөтүүлөр жөнүндө маалымдаңыз.
8. Ата-энелер менен зарыл чаралар тууралуу макулдашыңыз жана аларды «Балдар планына» киргизиңиз.
9. Ата-энелерге кийинки кадамдарды түшүндүрүңүз (баланы колдоодо эмнелер жасала тургандыгы жөнүндө баары маалымдалууга тийиш: баланын кырдаалын байкоо үчүн ага жолугасыз; ал дайыма сиздин көзөмөлүңүздө болот ж.б.).
10. Ата-энелерге жолугушууга убакыт тапкандыктары үчүн ыраазычылык билдириңиз.
11. Эгер ата-энелер сиз менен дагы жолугушууну каалашса, баш тартпаңыз.

***Ата-энелер менен жолугушууда өзүңүздү кандай кармашыңыз керек:***

- Аларга сый мамиле жасаңыз, сылыктыкты көрсөтүп, пикир айтуудан алыс болуңуз.
- Кунт коюп угуңуз.
- Көйгөйдү талкуулоодо ачык-айрым болуңуз.
- Баласына жакшылык гана кааларыңызды билдириңиз.
- Аларга өз милдеттерин эсине салыңыз, ошол эле учурда алар кездеше турган кыйынчылыктарды да моюнга алыңыз.
- Алар менен көйгөйлөрдү талкуулоо үчүн гана эмес, жагымдуу жаңылыктарды кабарлоо үчүн да байланышыңыз.
- Мамиле түзүп алуу үчүн убакыт керектигин эске алып, сабырдуу болуңуз!

## Балдар менен пикир алышуу

Балдар менен конструктивдүү пикир алышуунун бир нече негизги мүнөздөмөлөрү:

***Баланы урматтоо:***

- баланы өзүн коркутуп жатпагандай сезимде жай отургузуу керек;
- сылык үн менен сүйлөшүңүз;
- баланын ой-пикири, коркунучтары же ынанымдары үчүн басмырлабаңыз жана шылдыңдабаңыз;
- баланы күнөөлөбөңүз жана сындабаңыз;
- эмоцияңызды кармап, капаланганыңызды көрсөтпөңүз;
- физикалык же вербалдык күч көрсөтпөңүз.

Жолугушуунун же талкуулоонун себептерин түшүндүрүү

***Уга билиңиз:***

- бала дуушар болгон абалды, анын сезимдерин түшүнүүңүздү көрсөтүңүз;
- анын сүйлөшүүсүн колдоңуз:
  - баш ийкеңиз
  - көздөр чагылышсын
  - жетелөөчү суроолорду бериңиз
  - балага сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бериңиз жана унчукпай калуусун да бузбаңыз
- бардык маалыматты жашыруун сактаңыз;
- бала сиз менен жолугушуу учурунда ачууланып, же капаланып тургандыр, аны түшүнүңүз ж.б.

***Пайдалуу кеңештер:***

- көйгөйдү жакшы түшүнүү үчүн шашылбаңыз;
- мүмкүн болгон чечимдерди бала менен биргеликте издеңиз;
- конкреттүү, практикалык жана реалдуу кеңеш бериңиз;
- Сиз менен жолуккандан кийин эмне болорун түшүнүүсүнө жардам бериңиз;
- жолугушууну позитивдүү нотада бүтүрүңүз.

**Мисалы:**

**Мындайча сүйлөшүүгө болбойт!**

Артем 11 жашта. Ал ата-энеси менен Германиядан жаңыдан гана келген. Окууга көп келбейт, бирок сабактарга катышууда окууга кызыга турганын көрсөтөт. Артем ага өзгөчө көңүл бурбаган, анын билим алуусуна кызыкпаган жана окуусуна колдоо көрсөтпөгөн үй-бүлөдө жашай турганын мугалим билет.

Мугалим сабактан кийин Артем менен анын катышуусуна байланышкан көйгөйлөр жөнүндө кыскача сүйлөшүүнү чечет.

Мугалим сүйлөшүүнү мындайча баштайт: «Сен эмне үчүн мектепке келбейсиң? Мектепке келүү сенин милдетиң экенин билесиңби? Эгерде окубасаң, чоңойгондо эмне кыласың? Эгер ушунуңду уланта берчү болсоң, сени мектептен чыгарып коюшарын билесиңби?»

*Мугалим Артңмдон анын мектепке келбей жаткандыгынын себебин сурабай туруп жана ага үй-бүлөсү тарабынан колдоонун жоктугун көңүлүнө албай туруп эле сүйлөшүүнү сынга алуу, жалпы кеңеш берүү жана коркутуп-үркүтүү менен баштаганына көңүл буруңуз. Ал Артңм менен эмне себептен сүйлөшкүсү келип жатканын түшүндүрүү аркылуу сүйлөшүүнү баштаса болмок жана баланын абалын түшүнүүгө аракет кылышы керек эле. Мугалим Артемду сабакты калтырбоого ынандыруудан мурда анын кызыгуусун укса болмок.*

## Окуучулар үчүн анкета: «Окуудагы кыйынчылыктардын себептери»

Окуучунун аты-жөнү ______________________________________________

Классы________ Толтурулган күнү ____________________

| | Себептер | Дайыма (ооба) | Кээде | Эч качан (жок) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Бул предмет менде кыйынчылык туудурат (окуу предметтин аталышы ………………………………….) | | | |
| 2. | Мугалим кызыксыз окутат (кайсыл предмет экенин атоо ……………………………………………….) | | | |
| 3. | Материалды түшүнбөйм (предметти атоо ……………………) | | | |
| 4. | Үй тапшырмасын дайыма эле аткара бербейм | | | |
| 5. | Үй тапшырмасын аткарууга шарт жок | | | |
| 6. | Сабактарга даярданууга убакыт жетишпейт | | | |
| 7. | Окуу китептери менен өз алдымча иштебейм | | | |
| 8. | Тапшырмаларды аткара албайм | | | |
| 9. | Билим алууда бөксөөм бар | | | |
| 10. | Сабакты көп калтырам | | | |
| 11. | Тапшырмаларды аткарууда кунт кое албайм | | | |
| 12. | Өзүмө ишене албайм | | | |
| 13. | Окууга каалоом жок | | | |
| 14. | Сабактарды окууда жардамга муктажмын | | | |
| 15. | Мектепке келүү үчүн кийимим жана бут кийимим жок | | | |
| 16. | Үйүм мектептен алыста жайгашкан | | | |
| 17. | Ооруйм | | | |

***Тыянактар:*** ______________________________________________

Мектеп алынган маалыматтарды «Турмуштук оор кырдаалда турган баланын көйгөйлөрүн бардык тарабынан баалоо анкетасындагы» маалыматтар менен салыштырууга тийиш. Бул инструментте биз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунда[1] бекитилген психологиялык-педагогикалык көйгөйлөрдү гана бөлүп көрсөттүк *(ушул колдонмодогу 5-тиркемени караңыз).*

### 4-инструмент

Турмуштук оор кырдаалда турган баланын көйгөйлөрүн бардык тарабынан баалоо анкетасы

| **Бала жөнүндө маалымат** | | | |
|---|---|---|---|
| Баланын аты-жөнү: | | | |
| Жынысы ☐ эркек ☐ аял | | | |
| Турмуштук оор кырдаалынын критерийи: | | | |
| Туулган күнү: | | | |
| **Психологиялык-педагогикалык көйгөйлөр** | **Текшерүү жүргүзүлгөн күн** | | |
| | **(биринчи баа)** | **(экинчи баа)** | **(үчүнчү баа)** |
| Көндүмдөрү жашына дал келет | | | |
| Көндүмдөрү жашына дал келбейт | | | |
| Көндүмдөрү калыптанган эмес | | | |
| Бала мектепке чейинки уюштурууга барабы? | | | |
| Бала ата-энесинин (алардын ордун алмаштыруучулардын) кароосу жок калабы? | | | |
| Бала мектепке даярдоо боюнча сабактарга катышабы? | | | |
| Бала мектепке барабы? Мектептин атын жана классын көрсөтүү | | | |
| Бала башка билим берүү уюмдарына (лицейге, билим берүү борборуна, медресеге, мектеп-интернатка, көмөкчү мектепке) барабы? | | | |
| Бала маанилүү себептер менен же себепсиз акыркы окуу жылында 40 күндөн ашуун сабак калтырдыбы? (себебин көрсөтүү) | | | |
| Эгер бала мектепке барбасаҮ барбай жатса, анда ал акыркы учурда барбай койгон мектепти, классын, себебин көрсөтүү. | | | |
| Баланын жүрүм-турумунда көйгөй (алдоо, чырдашуу, агрессивдүүлүк, жыйынтык көз карандылык, тамеки чегүү ж.б.) барбы? Керектүүсүн сызуу, же көрсөтүү | | | |
| Баланын жүрүм-турумунда олуттуу көйгөй барбы же үйдө/коомчулукта тартип бузабы (үйдөн качып кетүү, уурулук, баңгизаттарды, алкоголдук ичимдикти колдонуу, мушташуу, акча талап кылуу ж.б.) Керектүүсүн сызуу, же көрсөтүү | | | |
| Бала өз жанын өзү кыюу ойлорун айтканбы, же өз жанын өзү кыюуга аракет жасаганбы? | | | |
| Балага карата сексуалдык зомбулук, же артынан түшүү болгонбу? | | | |

1 Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби//Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы № 391 Токтому.

| Турмуштук оор кырдаалда турган баланын керектөөлөрү | | | |
|---|---|---|---|
| **Психологиялык-педагогикалык бүтүм** | | | |
| Психологго көрсөтүү | | | |
| Ата-эне – бала мамилелерин ордуна келтирүү | | | |
| ПМПКБнын кеңештери | | | |
| Окууну үйүндө уюштуруу | | | |
| Баланын ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгендик менен билим берүү процессин интеграциялоосуна колдоо көрсөтүү | | | |
| Балдар чыгармачылыгы жана аны өнүктүрүү борборунун кызматтарын көрсөтүү | | | |
| Балдар үчүн күндүзгү борборлордун кызматтарын көрсөтүү | | | |
| Бала бакчага барууга жардамдашуу | | | |
| Балдар бакчасына жеңилдетилген төлөм менен баруу | | | |
| Мектепке баруу | | | |
| Акысыз окуу китептерин берүү | | | |
| Балага мектеп буюмдарын жана формасын берүү | | | |
| Акысыз  мектептик транспорт берүү | | | |
| Балага билим алууга жардам көрсөтүү | | | |
| Балага жана үй-бүлөсүнө баланы мектепке кайра интеграциялоодо социалдык педагогдун жардамын көрсөтүү | | | |
| Мектептин бала жана анын ата-энеси менен өз ара мамилесин бекемдөө | | | |
| Баланын кесиптик билим алуусун уюштуруу | | | |
| Сырттан окуй турган же кечки мектептерге баруу | | | |
| Мектеп, мектептен тышкаркы уюмдар, коммерциялык эмес уюмдар тарабынан өткөрүлүүчү класстан тышкаркы бош убакыттагы иш-чараларга баланын катышуусу | | | |
| Насаатчы дайындоо | | | |
| Башка | | | |
| | | | |

Тыянактар (макул эместик) тууралуу балдардын жана ата-энелеринин (алардын ордун алмаштыруучулардын) ой-пикирлери жана эскертүүлөрү:

## *6.1 «Окуучуларды колдоо боюнча планды» түзүү*

Ата-эне жана бала менен жолугушуулардын негизинде ишке жооптуу болгон адис «Окуучуларды колдоо боюнча план» түзөт, ал өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- баланын билим алуусуна карата бала жана анын үй-бүлөсү дуушар болгон негизги көйгөйлөр же маселелер;
- бала мектепке кайтыш үчүн же сабактарга үзгүлтүксүз келиш үчүн бул көйгөйдү чечүү боюнча жүргүзүлүүчү ишмердүүлүк;
- иш-чараларды өткөрүүгө жооптуу жактардын тизмеси.
- ар бир ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун мөөнөттөрү.

Пландын болушу өтө зарыл, анткени бул бардык кызыкдар тараптардын өткөрүлө турган иш-чаралар тууралуу макулдашуусуна жана бул иш-чаралардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Андан тышкары, пландын болушу мектеп баланын окууну таштабашы үчүн алдын ала чараларды көрө тургандыгын жана бала дуушар болгон көйгөйлөрдү чечүүгө аракет жасай тургандыгын билдирип турат.

Төмөндө **«Окуучуларды колдоо боюнча пландын»** мисалы келтирилген:

**4.1-инструмент:**

**«Окуучуларды колдоо боюнча пландын» үлгүсү**

<table>
<tr><td colspan="5">Окуучунун аты-жөнү</td></tr>
<tr><td colspan="5">Окуучунун классы</td></tr>
<tr><td colspan="5">Ишке жооптуу адистин аты-жөнү</td></tr>
<tr><th>Маселелер / көйгөйлөр</th><th>Көйгөйлөрдү чечүүнүн стратегиялары, аракеттери</th><th>Жооптуу адам</th><th>Мөөнөтү</th><th>Жыйынтыктары</th></tr>
<tr><td>1-мисал:<br>Бала үйдөгү иши көп болгондугуна байланыштуу сабакты калтырат.</td><td>Ата-энелер бардык балдары мектепке барыш үчүн үйдөгү милдеттерди балдарына адилеттүү бөлүштүрүүгө тийиш.</td><td>Ата-энелер</td><td>Ноябрь</td><td>+ оң жыйынтык: бала сабакка үзгүлтүксүз келип калды.</td></tr>
<tr><td>2-мисал:<br>Бала кышкы бут кийими жок болгондуктан, мектепке келбейт.</td><td>Жергиликтүү коомчулук жардамга муктаж үй-бүлөлөр үчүн кийим-кечелерди жана бут кийимдерди чогултат. АӨ финансылык жардам көрсөтөт.</td><td>Жергиликтүү коомчулук, АӨ</td><td>Декабрь</td><td>+ АӨ колдоо көрсөттү. Бала кышында мектепке калбай барып жатат.</td></tr>
<tr><td>3-мисал:<br>Бала күн сайын эрте менен мектепке кечигет.</td><td>Ата-эне баланын эрте жатып укташына көңүл буруш керек.<br>Алар баланы өз убагында ойготууга тийиш.<br>Бала мектепке өзүнө коңшу жашаган теңтушу менен барат.<br>Мугалимдер бала сабакка өз убагында келгенде макташат.</td><td>Ата-энелер<br><br>Мектеп</td><td>Октябрь</td><td>- Бала кечигип келгенин улантып жатат.</td></tr>
</table>

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ***4-мисал:***<br><br>Бала азыраак майыптыкка ээ жана жөлөк пул алуу үчүн ден соолугу боюнча документтери жок. | *Мектеп айыл өкмөтүнө документ алуу үчүн, ал эми АӨнүн социалдык кызматкерине майыптык боюнча жөлөк пул тууралуу билүү үчүн кайрылат.* | *Социалдык педагог*<br><br>*АӨ* | *Ноябрь* | *Документтер даярдалып жатат.*<br><br>*Майыптыгы боюнча жөлөк пул алууга арыз берилет.* |
| ***5-мисал:***<br><br>Бала мектепте начар окуйт жана өзүнө ишенбейт. | *Мугалимдер баланы макташат жана колдоого алышат.*<br><br>*Мугалимдер ага кошумча сабактарды өтүшөт.* | *Предметчи мугалим-дер, класс жетекчи* | *Январь* | *+ Бала пред-меттер боюн-ча жакшы ба-аларды алып, өзүнө бир топ ишенимдүү боло баштады.* |

Иштн жүргүзүүгө жооптуу адис, мындан тышкары, **«Турмуштук татаал кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө Жободо»** берилген «Баланы коргоо боюнча жекече иштөөнүн планы» деген форма менен таанышат (колдонмодогу 5-тиркемени караңыз).

**5-тиркеме.**

**Баланы коргоо боюнча жекече иштөөнүн планы №______________**

Баланын аты-жөнү ______________________________________________________________

Туулган күнү ___________________________ Туулган жери _______________________________

Жашаган жеринин дареги (турган жери) _____________________________________________

| Окуучунун көйгөйүнө бардык тарабынан баалоо жүргүзүүдө табылган баланын керектөөлөрү | Турмуштук оор кырдаалда турган балага тийиштүү кызматтарды жана жардамды көрсөтүү боюнча иш-чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжа | Аткарууга жооптуу | Аткарылгандыгы же аткарылбагандыгы (себеби) жөнүндө белги | Жооптуу адамдын колу | Жетишилген өнүгүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Социалдык жардам** | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| **Укуктук жардам** | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| **Психологиялык-педагогикалык жардам** | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| **Медициналык жардам** | | | | | | | |
| | | | | | | | |

| Балдардын/ата-энелердин (алардын ордун алмаштыруучулардын) план жөнүндө комментарийлери |
|---|
| |

| Пландаштыруу процессине тартылган бала (балдар), ата-энелер (алардын ордун алмаштыруучулар), үй-бүлө мүчөлөрү: | | | |
|---|---|---|---|
| Аты-жөнү | Баланын кимиси болот | Датасы | Колу |
| | | | |
| | | | |

| Пландаштыруу процессине тартылган мамлекеттик органдардын, коммерциялык эмес уюмдардын, жергиликтүү социалдык кызматтардын өкүлдөрү | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Аты-жөнү | Мекеме, уюм | Байланыш үчүн маалыматтары | Датасы | Колу |
| | | | | |

## *6.2 Планды жүзөгө ашыруу*

Ишке жооптуу «Колдоо планындагы» иш-чаралардын жүзөгө ашырылышын координациялайт. Бирок баарын өзү жасоого милдеттүү эмес. Ал көбүнчө ыйгарым укуктарды түрдүү кызыкдар тараптарга бөлүп берип, белгиленгендердин баары талаптагыдай аткарылышына көз салат.



**Иш жүргүзүү үчүн натыйжалуу стратегиялар**

1. Балага (окуучуга) оор, ал эми анын үй-бүлөсүнө жайсыз деп мүнөздөмө берүүнүн ордуна ага кантип жардам берүүнүн жолдорун талкуулаңыздар.
2. Таасир этүүгө сиздин күчүңүз жетпей турган факторго эмес, сиз өзгөртө ала турган факторго кунт коюңуз.
3. Ишти алга жылдыруу үчүн жолугушууларды тез-тез уюштуруңуздар.
4. Аткарылган ишмердүүлүктөрдү каттоодон өткөрүп туруңуздар (мисалы, ата-энелер менен жолугушуулар, үйлөргө баруу, башка адистер менен жолугушуулар жана башка иш-чаралар).
5. Негизги көйгөйлөрдү чечүү боюнча ар бир конкреттүү учурда (мисалы, сабакка катышуу, жүрүм-турум ж.б.) аныкталган прогресстер жөнүндө жазып жүрүңүз.
6. Бул маалыматтардын конфиденциалдуулугун кантип сактоону ойлонуңуз: бул ишке эч кандай тиешеси жок адамдарга маалыматтарды айтпаңыз; кандайдыр бир иш жөнүндө сөз жүрүп жатканда, талкууга зарыл болбосо, баланын атын атабаңыз.

## 6.3 Кабыл алынган чаралардын натыйжаларын баалоо жана ишке мониторинг жүргүзүү

Мектепти таштоо коркунучунда турган, же мектепке катталбаган мектеп жашындагы балдардын, ошондой эле мектепке келбей койгон балдардын иштери атайын жолугушууларда такай текшерилип туруусу сунушталат. Жолугушууга иш алып барып жүргөндөрдүн баары:

- мектеп директору;
- мектеп директорунун орун басарлары;
- социалдык педагог;
- ата-энелер комитетинин бир мүчөсү;
- зарылдыгына жараша предметчи мугалим же класс жетекчи;
- айыл өкмөтүнүн же башка социалдык кызматтардын өкүлдөрү катышууга тийиш.

Жолугушуунун жүрүшүндө ар бир баланын иши каралышы керек. Ишти алып барууга жооптуу адис «Колдоо планын» жана анын жыйынтыктарын көрсөтөт. Катышуучулар ар бир конкреттүү учурда баланын сабактарга катышуу жана жетишүү (зарыл болгон учурда жүрүм-турум) маселелерин карап чыгуулары зарыл.

Төмөндө республиканын бир топ мектептери тарабынан колдонулуп жаткан мониторинг баракчасы мисалга келтирилди.

**5-инструмент:**

Мектептен чыгып калуу коркунучуна кирген балдарга мониторинг жүргүзүү баракчасы

| Окуучунун аты-жөнү | Класс | Сабакты калтыруулар | | | | Жетишүүсү | | | | Жүрүм-туруму | Түшүн-дүр-мөлөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | сентябрь | октябрь | ноябрь | декабрь | Негизги тил | Математика | Коомдук илимдер | Башка пред-меттер | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |

## *6.4 Пландаштырылган натыйжаларга жеткенден кийин ишти жабуу*

Мониторингдин маалыматынын негизинде бала мектепке үзгүлтүксүз барып, жетишүүсү жагынан да оңолуп, мындан ары мектептен чыгып калуу коркунучундагы топто эсептелбей калган учурда, ишти алып барууга жооптуу адис мектеп директору жана социалдык педагог менен макулдашып туруп, ишти жабуу боюнча чечим кабыл ала алат.

Бала жөнүндө бардык маалыматтар жана документтер ал 9-классты аяктаганга чейин мектепте сакталат.

## *6.5 Ишти айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлерине, укук коргоо органдарына же райондун жооптуу кызматкерине өткөрүп берүү*

Окууну таштап кетүү коркунучунун жогорку даражасы же баланын мектептен чыгып кетүүсү менен байланышкан бир топ татаал кырдаалдарды мектеп айыл өкмөтүндөгү социалдык кызматкерлерге жөнөтүүгө тийиш. Иш бала катаал мамиленин (зомбулуктун), анын ичинде физикалык, сексуалдык же эмоционалдык зомбулуктун курмандыгы болгон учурда өткөрүлүп берилиши керек. Мындан сырткары, эгер бала балдар эмгегинин татаал формасына тартылган болсо, же мыйзам менен конфликтте турса, же мектепке эч кандай маанилүү себепсиз эле 40 күндөн ашуун келбей койсо, иш өткөрүлүп берилет.

Иш сырткы кызыкдар тараптарга өткөрүлүп берилген учурда, мектеп билим берүү аспектисинде бала менен иштөөнү улантат, ошол эле убакта башка социалдык, укуктук жана медициналык аспектилерде квалификациялуу адистер жана жооптуу органдар кам көрүшөт.

*Бала түздөн-түз коркунучка кабылган болсо, тезинен милицияга же социалдык кызматкерлерге кайрылуу зарыл.*

# 7 МЕКТЕПТЕН ЧЫГЫП КАЛУУНУН АЛДЫН АЛУУ ЖАНА ТААСИР ЭТҮҮ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН ИДЕЯЛАР, КЕҢЕШТЕР ЖАНА ИНСТРУМЕНТТЕР

Бул бөлүмдө мектептен чыгып калуунун алдын алуу жана таасир этүү боюнча натыйжалуу тажрыйбалар, идеялар, кеңештер жана инструменттер берилген.

## *7.1 Кийлигишүүнүн мисалдары*

**Сунушталган аракеттердин мисалдары**

| Тоскоолдуктар | Таасир этүүнүн мүмкүн болгон чаралары | |
|---|---|---|
| | Мектептер | АӨ жана коомчулук |
| *Документтер* | Баланы документсиз кабыл алуу жана ошону менен бирге эле документ алууга колдоо көрсөтүү.<br>Ата-энелерине документтерди алуунун жолдорун түшүндүрүү. | Алыскы райондордо жашаган балдарга документтерди жеткирүүнүн көчмө командасын уюштуруу. |
| *Финансылык жана материалдык көйгөйлөр* | Баладан кандайдыр бир төлөмдөргө акча сурабоо.<br>Акысыз окуу китептери жана окуу куралдары менен камсыз кылуу.<br>Үй-бүлөсүнө алар кандай жеңилдиктерге укуктуу экенин түшүндүрүү. | Колдон келишинче балдарды кийим-кече жана бут кийим менен камсыздоого көмөк көрсөтүү.<br>Натуралдык түрдө (мисалы, тамак-аш азыктары, транспорт ж.б.) колдоону камсыз кылуу. |
| *Үй-бүлөсү билим алууну маанилүү деп санабайт* | Ата-энелерди мугалимдер менен жолугушуу үчүн мектепке чакыруу.<br>Ата-энелер менен жолугушуу уюштуруп, аларга билим алуунун маанилүүлүгүн жана 9-класстан кийинки мүмкүнчүлүктөрдү түшүндүрүү.<br>Үй-бүлөнү мектептеги иш- чараларга катыштыруу. | Жергиликтүү калк менен жолугушууларды уюштуруп, билим алуунун жана мектепке үзгүлтүксүз баруунун мааниси жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу.<br>Бул жолугушууларга жергиликтүү аймактагы өрнөк болуучу белгилүү адамдарды чакыруу.<br>Жергиликтүү ММКларды жана жашоочуларда маалымдуулукту жогорулатуу боюнча жергиликтүү иш-чараларды пайдалануу. |
| *Билим алууга мотивациянын же кызыгуунун жоктугу* | Мектепте жана класста бала менен оң кайтарым байланышты камсыз кылуу.<br>Баланы ар кандай жакшы иши же жүрүм-туруму үчүн мактоо, сыйлоо.<br>9-класстан кийинки билим алуунун мүмкүнчүлүктөрүн жана багыттарды көрсөтүү.<br>Кесипке багыт берүү боюнча иш жүргүзүү. | Коомдогу өрнөктүү адамдарды (анын ичинде жаш адамдарды) мисалга алуу үчүн аныктоо, алардын билим алуу тажрыйбасын балдарга айтып берүү.<br>Жаштар үчүн өз аймактарында чыгармачылык иш-чараларды уюштуруу. |

| Тоскоолдуктар | Таасир этүүнүн мүмкүн болгон чаралары | |
|---|---|---|
| | **Мектептер** | **АӨ жана коомчулук** |
| *Бир туугандарын же туугандарын багууга каралашуу* | Ата-энелерден кичүү балдарын кароо боюнча көйгөйдү чечүүнүн башка жолдорун (коңшулары, туугандары, жергиликтүү балдар бакчасы) табуусун өтүнүү. | Үй-бүлө үчүн багууга каралашуу жолдорун жамааттын базасында чечүү.<br>АӨнүн базасында мектепке чейинки курактагы бардык балдар бара ала турган мектепке чейинки мекемелердин иштешине кам көрүү. |
| *Үйдөгү жумуштар* | Ата-энелерден үйдөгү иштерди аткаруунун убагын бала мектепке бара ала тургандай кылып белгилөөнү өтүнүү.<br>Ата-энелер чогулуштарында бала жоопкерчиликтүү болгон иштерди аныктап жана аларды мүмкүн болушунча майда бөлүктөргө бөлүп, алардын ар бирин чечүүнүн натыйжалуу жолдорун ойлонуштуруу, же ал милдеттерди үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө кайрадан бөлүштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу. | Билим алуунун мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө ата-энелердин маалымдуулугун жогорулатуу.<br>Балага мектепке барууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн, ата-энелерге үй иштериндеги көйгөйлөрүн чечүүнүн башка варианттарын табууну сунуштоо. |
| *Башка иштер, анын ичинде сезондук иштер* | Ата-энелерге мыйзамдуулук жөнүндө эскертүү.<br>Сезондук иштер боюнча маселени талкуулоо үчүн ата-энелер чогулушун уюштуруу.<br>Балдарга акысыз кошумча сабактарды уюштуруу. | Сезондук иштерде балдарды пайдаланууга альтернатива табуу үчүн, жергиликтүү калк менен жолугушууларды уюштуруу. Балдары окуу мезгилинде сезондук иштерге тартылган ата-энелер менен жекече жолугушуу. |
| *Өтө оор формадагы балдар эмгеги* | Ата-энелерге балдардын өтө оор формадагы эмгеги (тамекичиликте, пахтачылыкта, күрүчтө, базарларда, курулушта иштөө) алардын ден соолугуна жана окуусуна терс таасирин тийгизерин түшүндүрүү.<br>Иштеген балдарга окуудан артта калгандыкты жоюу үчүн билим алуунун кошумча формаларын уюштуруу. | АӨ окуу мезгилинде балдар эмгегин пайдаланышкан иш берүүчүлөрдү таап, алар менен балдар эмгегин пайдалануунун (жашы жана эмгек шарты боюнча) жопкерчилиги жана кесепеттери тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. |
| *Отсутствие транспорта* | Альтернативдүү транспорт каражаттарын аныктоо. | Альтернативдүү транспорт каражаттары менен камсыздоо.<br>Эң аз камсыз болгон же мектептен алыс жашашкан үй-бүлөлөр үчүн автобустук каттамга жол акы берүү. |

| Тоскоолдуктар | Таасир этүүнүн мүмкүн болгон чаралары | |
|---|---|---|
| | **Мектептер** | **АӨ жана коомчулук** |
| *Ден соолугу жана майыптыгы* | Инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү жана дискриминацияга жол бербөө саясатына көмөктөшүү.<br>Дени сак балдардын жана үй-бүлөлөрдүн көп түрдүүлүктүн баалуулугу жөнүндө маалыматын жогорулатуу.<br>• Балдардын ден соолугун кароочу ПМПКБга шилтеме.<br>• Ата-энелерге болгон кызмат көрсөтүүлөр жана мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалымдоо.<br>• Зарыл болгон учурда үйдө окутууну уюштуруу.<br>• Ата-энелер үчүн баланын өнүгүшү жана мүмкүн болгон коркунучтар тууралуу кеңеш берүүчү колдоолорду уюштуруу. | Дискриминацияга жол бербөө боюнча калк менен жолугушууларды уюштуруу.<br>Ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын мектепке катталышына колдоо көрсөтүү.<br>Бейөкмөт уюмдар менен биргеликте жардамчы волонтёрлорду уюштуруу. |
| *Миграция* | Окутуу тилин билбеген балдар үчүн кошумча тил үйрөнүү курстарын ачуу. Мектепте дискриминацияны болтурбоо. | Мигранттардын балдарына документтерди жана женилдиктерди алууга колдоо көрсөтүү.<br>Мигранттардын балдары АӨнүн чарбалык китебине катталуусуна кам көрүү. |
| *Ата-эне камкордугунун жоктугу* | Ата-эненин камкордугунан ажыраган балдарды (тоголок жана жарым жетимдер, жарым жетимдер, социалдык жетимдер) аныктоо.<br>Камкорчулар менен байланышты орнотуу, балдардын камкорчулардын колундагы жашоо шартына көз салуу, керек болгон учурда тийиштүү жардамды көрсөтүү. | Мындай балдарды өз убагында жөлөк пул менен камсыз кылуу.<br>Зордук-зомбулуктун алдын алуу үчүн балдар жашаган үйлөргө такай барып кабар алуу. Ата-эненин камкордугусуз калышкан балдарды керек болгон учурда интернаттарга жайгаштыруу. |
| *Укук бузуучулук* | Укук бузган жана сабакты калтырган, же көзөмөлсүз жана кароосуз жашоо образын жүргүзгөн балдарды табуу.<br>Мындай балдарды мектеп ичиндеги каттоого (МИК) алуу.<br>Балдардын оолукма жүрүм-турумун жоюу боюнча алдын алуу иштерин системалуу жүргүзүү. | Укук бузуучулуктун оорураак учурларында жашы жете электер менен иштөө инспекциясы (ИДН) мындай балдарды өзүнүн каттоосуна алуусу керек.<br>Каттоого алуу жана каттоодон чыгаруу үчүн оолукма жүрүм-турумга ээ балдардын ишин Балдар иштери боюнча комиссияда карап чыгуу. |

| Тоскоолдуктар | Таасир этүүнүн мүмкүн болгон чаралары | |
|---|---|---|
| | **Мектептер** | **АӨ жана коомчулук** |
| | Мындай балдар менен иштөөдөгү прогрессти мектептин профилактикалык кеңешинде кароо. | Ата-энелер менен түшүндүрүү иштерин такай жүргүзүп туруу. |
| *Өзгөчө кырдаалдар* | Табигый кырсыктар, граждандык жана аскердик конфликттер учурунда окуу процессин калыбына келтирүү боюнча чараларды көрүү, балдардын коопсуз шарттарда мектепке баруусун камсыз кылуу.<br>Ата-энелер менен макулдашуу аркылуу баланын мектепке коопсуз шарттарда барып-келишин камсыз кылуу. | АӨ мектептин инфраструктуралык коопсуздугун, балдарды мектепке жана үйгө ташууну камсыз кылат.<br>Табигый кырсыктардан жана конфликттерден көп жабыркаган үй-бүлөлөрдү табуу жана аларга материалдык жана башка жардамдарды көрсөтүү. |
| *Эрте никелешүү* | Мектеп ата-энелерге «Билим берүү жөнүндө» мыйзамды эске салат.<br>9-классты аяктоо зарылдыгына ынандыруу үчүн ата-энелер менен жолугушушат. | АӨ 9-классты аяктоо зарылдыгына ынандыруу үчүн ата-энелер менен жолугушат.<br>Билим алуунун  мааниси жөнүндө маалыматын жогорулатуу үчүн коомчулук менен чогулуштарды уюштурат. |

**Мисал:**

Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балага билим алууга мүмкүнчүлүк берүү.

**Жалал-Абад областы, Базар-Коргон району, Могол АӨ, Чкалов айылы, №28 Шеркулов атындагы орто мектеби.**

Майрамбек 13 жашта, анын ден соолугунда көйгөй бар, Даун оорусу менен ооруйт. Ал эки жашка чыкканда, ата-энеси ажырашып кетишет. Андан соң апасы баланы чоң энесине таштап, Россияга иштегени кетет. Чон энесинин айтуусуна караганда, ал баланын окуп, билим ала ала турганын билген эмес. Майрамбек жөнүндө маалыматты №28 Шеркулов атындагы жергиликтүү орто мектептин мугалими билдирген. Балага барган учурда ал АӨнүн чарба китебине жазылбагандыгы аныкталды, андан тышкары баланын оорусунун диагнозун тастыктоочу документтери жоктугунан, майыптыгы боюнча жөлөк пул ала албайт экен. Мектеп администрациясы бул баланы мектепте окутууга мүмкүнчүлүк жок болсо, үй шартында окутууга болору жөнүндө маалымдашты. Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы менен болгон сүйлөшүү учурунда дайын болгондой, мектептер мындай балдар жөнүндө маалымат беришпейт, анткени алардын көпчүлүгү айыл өкмөтүндө катталышпаган: көбүнчө мындай балдарды Россияга, Казакстанга иштегени жөнөшкөн апалары ата-энелерине таштап кетишкен ж.б.

1. **Көрүлгөн чаралар:**

- Баланын чоң энеси менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.
- Мектептин социалдык педагогу жана айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкери баланын чоң энесине чоң энесине медициналык тастыктама алуу үчүн документтерди чогултууга жардам беришти.
- Социалдык педагогдун аракети менен баланы бир нече күн мектепке алып барышты, бирок ал оорусуна байланыштуу узакка жүрө албай калды, ошондуктан аны үй шартында окутуу чечими кабыл алынды.
- 2014-жылдын март айынан баштап Майрамбек **үйдө окуй баштады**, мугалим ага жумасына үч жолу келип турду.

2. **Өзгөрүүлөрдүн тарыхы:**

Баланы үч ай үйүнө барып окутуунун жүрүшүндө ал:

- 10го чейин санаганды үйрөндү;
- сүрөттөрдөн жашылча-жемиштерди таанып, алардын сүрөтүн тарта баштады;
- адамдардын кесиптерин ажыратып калды;
- дептерге жаза баштады;
- түстөрдү айырмалап, атай баштады;
- үй жаныбарларын атаганды үйрөндү, ж.д.у.с.

Майрамбектин эжесинин айтуусуна караганда, ал өзүнө жаккан, же жакпаган нерселер болсо, нааразычылыгын же каалоосун билдире баштады. Ал мугалим эжекенин келишине аябай кубанат, мектептин директорун жана социалдык педагогду жакшы билет (алардын атын атайт, бирок кебинин өнүкпөгөндүгүнөн улам, кыска-кыска айтат).

## *7.2 Ата-энелер жана окуучулар менен иштөө*

**6-инструмент:**

Окуудан чыгып калуу коркунучуна кирген балдар менен иштөө боюнча иш-чаралардын планы

| № | Иш-чаралар | Класс жет. | Соц. пед. | Психолог | Директордун ТИ б-ча организатор орун басары | Директордун ОТИ б-ча орун басары | Профилактикалык кеңеш | Ата-энелер комитети |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **I. Уюштуруу иш-чаралары** | | | | | | | |
| 1. | Мектептин, класстын социалдык паспортун түзүү. | + | | | | + | | |
| 2. | Коркунуч тобуна кирген балдардын мүнөздөмөлөрүн түзүү. | + | + | | | | | |
| 3. | Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды аныктоо. | + | + | | + | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Мектеп мугалимдери жана адистери менен ата-энелердин жолугушуусу. | + | + | | | | | + |
| 5. | Коркунуч тобуна кирген окуучуларга картотекаларды жана кошмо таблицаларды түзүү. | | + | | | | | |
| 6. | Бош убакытты өткөрүүнү жана ийримдик ишмердүүлүктү уюштуруу. | + | | | | + | | |
| 7. | Административдик каттарды, өтүнүч ж.б. документтерди түзүү, Балдар иштери боюнча комиссияга жана башка кызматтарга документацияларды жөнөтүү. | | + | | | + | | |
| 8. | БИК жана башка социалдык кызматтардын байланышын жүзөгө ашыруу | | + | | | + | | |
| 9. | Коркунуч тобуна кирген балдар үчүн жайкы иштерди жана эс алууну уюштуруу. | + | + | | | + | | + |
| | **II. Окуучулар менен иштөө** | | | | | | | |
| 1. | Окуучулардын сабакка катышуусун көзөмөлдөө. | + | | | + | | + | |
| 2. | Күнүмдүк жетишүүсүн көзөмөлдөө. | + | | | + | | | + |
| 3. | Окуучуларды ийримдерге жана секцияларга тартуу. | + | | | | | + | |
| 4. | Профилактикалык аңгемелешүүнү жүргүзүү. | + | + | | | | + | + |
| 5. | Сабактарга катышуу. | | + | + | | | | + |
| 6. | Психологго же медициналык адистерге кеңеш алууга жөнөтүү. | + | + | | | | + | |
| 7. | Ишке орношууга көмөктөшүү. | + | + | | | | | + |
| 8. | Психодиагностика жүргүзүү. | | | + | | | | |
| 9. | Мындан аркы ала турган билимди тандоого жардам берүү.. | + | + | + | | | | + |
| 10. | Чыр-чатактык абалды териштирүү. | + | | + | | | + | |
| | **III. Ата-энелер менен иштөө** | | | | | | | |
| 1. | Коркунуч тобуна кирген балдардын үй-бүлөсүнөн кабар алуу. | + | + | | | | | + |
| 2. | Ата-энелер үчүн кеңеш берүүнү уюштуруу. | | + | + | | | | + |
| 3. | Коркунуч тобуна кирген балдарды жана ата-энелерин профилактика кеңешине чакыруу. | | + | | | | + | + |
| 4. | Ата-энелердин чогулушунда чыгып сүйлөө. | + | + | + | + | + | | + |
| 5. | Балдарды тарбиялоо жана өз ара түшүнүшүүнү жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу. | | + | + | | | + | |
| | **IV. Педагогикалык жамаат менен иштөө** | | | | | | | |
| 1. | Предметчи мугалимдер менен керектүү маалыматтарды алмашууну жүзөгө ашыруу. | + | + | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2. | Диагностиканын жыйынтыгы боюнча консультация. | | | + | | | | |
| 3. | Коркунуч тобуна кирген балдар менен иштөө үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. | | + | + | | | + | |
| 4. | Педагогикалык кеңештерде жана кеңешмелерде тийиштүү билдирүүлөр менен чыгуу. | | + | + | + | + | | |
| 5. | Коркунуч тобуна кирген балдар менен иштөө боюнча педагогдордун көндүмдөрүн жана билгичтиктерин өнүктүрүү үчүн иштиктүү оюндарды, семинар-практикумдарды өткөрүү. | + | + | + | | | | |

### Ата-энелер үчүн сунуштамалар:

**Мектепке келбегендик менен кантип күрөшүү керек?**

1. Бала менен биргеликте ал эмне үчүн мектепке келгиси келбегендигинин себебин талкуулаңыз. Баланын көйгөйүн түшүнүүгө, сезимин бөлүшүп жана колдой билүүгө аракеттениңиз. Сиз анын тынчсыздануусунун себеби болгон бардык стресстик абалды чечүүгө аракеттениңиз.
2. Анын сар-санаасын сезип туруп, баары бир аны мектепке батыраак кайтууга мажбурлап жатканыңызды өспүрүм түшүнгүдөй болсун. Мектепке баруу бардык балдар үчүн милдеттүү экендигин түшүндүрүңүз.
3. Мектептин мугалимдери, директору жана социалдык педагог менен бирге балаңыздын мектептен качканынын себептерин талкуулаңыз. Баланы мектепке кайтаруу боюнча өзүңүздүн пландарыңыз менен бөлүшүңүз жана ага колдоо жана жардам берериңизге ынандырыңыз.
4. Балаңыз мектепке жөнөөрүндө ар нерсеге шылтоолой баштаса, бекемирээк туруңуз. Анын ички толгонууларын талкуулоону минимумга жеткириңиз. Качан гана балаңыз мектепке дайыма бара турган болгондо, анын физикалык жана башка симптомдору жоголо баштайт.
5. Эгерде балаңыздын кыжырдануусу күчөсө, анда аны акырындык менен айрым сабактарга катышуу аркылуу эки күндүн ичинде мектепке кайтарсаңыз болот. Үчүнчү күнү бала мектепке биротоло кайтып калышы мүмкүн.
6. Сиздин үй-бүлөлүк дарыгериңиз баланын ооругандыгы, бирок эми мектепке бара ала тургандыгы жөнүндө маалым кат жазуу менен анын мектепке кайтуудагы өткөөл мезгилин жеңилдетүүгө жардам бериши мүмкүн. Бул болсо балага уялуу жана басынуу сезимдерин жеңүүгө жардам берет.
7. Бала мектепте жүргөн мезгилде мектеп кызматкерлеринен сизге жардам берүүлөрүн сураныңыз. Мектептин медайымы же катчысы балаңыздын симптомдору пайда боло баштаса, аны класска кайтууга көндүрүүгө аракет кылышат.
8. Эгерде баланын кыжаалатчылыгынын себеби мектепте аны басмырлоого же мугалим менен конфликтке байланыштуу болсо, анда баланын жактоочусу болуңуз да, бул көйгөйдү мектеп жетекчилиги менен сүйлөшүңүз. Директор жана мугалим кээ бир мындай учурларды жана класста, же сабактан тышкаркы мезгилде балага кысым көрсөтүүлөрдүн азайышын жөнгө сала алышат.

9. Эгер балаңыз үйдө кала турган болсо, ага ыңгайлуу жана коопсуз экенине көзүңүз жетсин. Анын нааразычылыктарынын бардык симптомдору кырдаалды түшүнүү жана анализдөө аркылуу дарыланышы керек. Аны кароосуз калтырбаңыз, анткени бала дайыма көзөмөлдө болууга тийиш.
10. Балаңызга оорусуна байланыштуу үйдө калууга туура келсе, дарыгердин текшерүүсүнөн өтүүгө тийиш болуп жүрбөсүн. Баланын температурасы 38,3 °Сдан жогору болушу, кускусу келиши, ичи өтүшү, тез-тез кургак жөтөлүшү, кулагы же тишинин оорушу ж.б. анын үйдө калышынын себептери боло алат.
11. Үйдөн тышкары жерлерде башка балдар менен ар түрдүү иш-чараларга катышуусуна колдоо көрсөтүү аркылуу балаңыздын көз карандысыз болушуна жардам бериңиз. Алар спорттук секциялар, же досторунун, же туугандарынын үйлөрүндө түнөп калуу болушу мүмкүн.

Сабактарга катышуу тууралуу ата-энелер жана окуучулар менен мектептин келишим түзүүсүнүн варианттарын сунуштайбыз.

**Балдарга билим берүү, тарбиялоо жана алардын мектепте жүргөн учурдагы укуктары жана милдеттери жөнүндө № ____ мектеп администрациясы менен ата-энелердин ортосундагы**

**КЕЛИШИМ**

Макулдашуунун негизинде № _____ мектеп, мындан ары “Мектеп” деп аталат, Уставдын негизинде иш алып баруучу директор тарабынан жана ______________________________
______________________________________________________________________________,
мындан ары “Ата-эне” деп аталат, өз ара мамилени жөнгө салуучу ушул келишимди түздүк.

**Келишимдин предмети**

1. «Мектеп» жана «Ата-эне» ________________-жылы туулган ______________________
   ______________________________________________________________________________
   (окуучунун аты-жөнү)
   окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү ишинде бирге иш алып барышат.
2. «Мектеп» жана «Ата-эне» ушул келишимге киргизилген компетенциялардын чегинде өз иш-аракеттеринин натыйжасы үчүн биргеликте толук жоопкерчиликти алып жүрүшөт.

**Тараптардын укуктары**

**«Мектеп» төмөнкүлөргө укуктуу:**

1. Окуучуларды тарбиялоонун жана окутуунун методикасын эркин тандоо, иштеп чыгуу жана колдонуу.
2. Педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде окуу программасын өздөштүрө албаган окуучуну кайрадан мурунку классында калтыруу.
3. Педагогикалык кеңештин чечими менен Казакстанга, Россияга же Кыргызстандын башка шаарларына ата-энеси менен бирге иштөө үчүн чыгып кетип, окуусун бир жыл калтырган окуучуну кайрадан мурунку классында калтыруу.
4. Окуучу маанилүү себептерсиз сабактарды калтырган учурда, айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча комиссиясынын кароосуна маселе коюу, Балдар иштери боюнча райондук комиссияга документ жөнөтүү.

5. КРдин “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына жана Үй-бүлө кодексине ылайык ата-энелик милдеттерин аткарбай, баланы милдеттүү орто билим алуу менен камсыз кылбаган учурда ата-энени сотко берүү.
6. Мектептин Уставын, тартипти бир нече жолу бузган, 15 жашка чыккан окуучуну окуудан чыгаруу тууралуу Балдар иштери боюнча комиссиядан өтүнүү.

**«АТА-ЭНЕ” төмөнкүлөргө укуктуу:**

1. Мектептин ишин жакшыртуу жана кошумча билим берүүнү уюштуруу боюнча сунуштарды киргизүү.
2. Мектеп администрациясынан келишимдик милдеттерди сактоону талап кылуу.
3. Мектеп турмушуна жана аны башкарууга катышуу.
4. Балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо: бул үчүн мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттө (бир айдан кеч эмес) жазуу жүзүндө жооп берүүгө милдеттүү болгон мектеп директоруна жазуу жүзүндө арыз менен кайрылуу зарыл.
5. Баланы үйдөн билим алдырган учурда окуунун каалаган этабында мектепке окутууга кайтаруу.
6. Билим берүү процессинин мазмуну жана жүрүшү менен таанышуу: сабак өткөн **мугалимдин макулдугу**, мектеп директорунун **уруксаты** менен баласы окуган класстын **сабактарына катышуу**.
7. Окуучунун жетишүү баалары менен таанышуу, мында класс жетекчи оозеки же жазуу түрүндө маалымат берет.
8. Мектептин Уставы менен жана билим берүү процессин жөнгө салуучу башка документтер менен таанышуу.
9. Мектепке баруу жана педагогдор менен алардын акыркы сабагы бүткөндөн кийин аңгемелешүү.
10. Окутуу формасын (экстернат, үй-бүлөлүк окутуу, жалпы мектепте окутуу, окутуунун күндүзгү-сырткы формалары) тандоо.

**Тараптардын милдеттери**

**«МЕКТЕП» төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**1.** **Ата-энени** мектептин Уставы, мектептин ички тартиби боюнча эрежелери, лицензиясы жана билим берүү процессин камсыз кылуучу башка локалдык актылар менен **тааныштыруу**.

**2.** **Окуучуларга** бүтүрүүчү жыйынтык аттестацияны ийгиликтүү тапшырган учурда мамлекеттик үлгүдөгү аттестат берүү менен **жалпы билимдин көлөмүндө окутууну камсыз кылуу**.

3. Жалпы билим берүүнүн **мамлекеттик стандартын өздөштүрүүнү камсыз кыла турган** билим берүү программалары боюнча окутуу.
4. Билим берүү процессинин эффективдүү формаларын, методдорун жана уюштуруу каражаттарын колдонуу.
5. Окуучунун негизги билим жетишкендиктерин жазуу түрүндө белгилөө жана аны менен ата-энени тааныштыруу.
6. Ата-энеге педагогика жана психология маселелеринде компетенттүү жардам көрсөтүү.

7. Окуучу мектепте болгон учурда, сабак учурунда анын өмүр коопсуздугун жана ден соолугун сактоого жооп берүү.
8. Балдар эмгегин коргоонун нормаларын милдеттүү түрдө сактоо.
9. Окуу процессин квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен камсыз кылуу.
10. Ата-энеге өз учурунда кеңеш берүү.
11. Зарыл болгон учурда окуучуга окуусуна өз убагында колдоо көрсөтүү.
12. Мектептеги бардык окуучуларга бирдиктүү талаптарды жүзөгө ашыруу.
13. Иштин абалы жөнүндө такай кабарлап, ата-эне менен үзгүлтүксүз байланыш түзүү.
14. Конфликттик кырдаалда ата-энелердин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн катышуусу менен комиссия түзүү.
15. Мектептин кабинеттеринен, компьютердик жабдыктарынан, библиотекасынан, спорттук жана башка инвентарларынан акысыз пайдалануу укугун берүү.
16. Окуучу ооруп калган учурда мектепте анын ордун сактоо.
17. Окуучу мектептен кеткен учурда Кыргызстандын башка окуу жайларында окуусун улантууга мүмкүндүк берүүчү билими жөнүндө документтерин берүү.

**«АТА-ЭНЕ» төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1. Өз балдарынын тарбиясы үчүн жоопкерчиликти алып жүрүү, алардын негизги жана орто жалпы билим алуусу үчүн шарт түзүү;
2. Баланы өнүктүрүү боюнча мугалимдердин күч-аракетин колдоо;
3. Мектептин авторитетин жогорулатуу жана колдоо;
4. Өз балдарынын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо; алардын эч кандай өзгөчө ыйгарымсыз мыйзамдуу өкүлү болуу;
5. Мектептин пайдалуу иштерине катышуу, анын өнүгүүсүнө колдон келишинче көмөк көрсөтүү;
6. Билимди, эмгекти сыйлоого окуучуну көндүрүү;
7. Окуучунун окуу-педагогикалык процесстин бардык талаптарын аткарышын көзөмөлдөө;
8. Окуучунун сабакка өз убагында катышуусун камсыз кылуу;
9. Окуучунун жетишүүсүн үзгүлтүксүз контролдоо;
10. Окуучунун мектепке үзгүлтүксүз келүүсүн камсыз кылуу, маанилүү себептерсиз сабак калтыруусуна жол бербөө;
11. Жазгы-күзгү талаа иштери болгон учурда сабактарын калтырууга жол бербөө;
12. Окуучунун күн тартибин, жеке гигиена эрежелерин сактоосун камсыз кылуу;
13. Окуучу тууралуу бардык зарыл маалыматты мектепке өз убагында берүү;
14. Мектептин мүлкүн окуучу жоготкон же бузган учурда материалдык жоопкерчиликти тартуу;
15. Окуу-педагогикалык процессинин талаптарын, ички иш тартиби боюнча эрежелерин, Уставын бузган бардык учурда окуучу менен бирге бүт жоопкерчиликти тартуу;

16. Окуучунун оорусу жана мектепке келбөөсүнүн башка себептери жөнүндө бир күндөн кеч калбай кабарлоо;
17. Окуучу мектепте болбогон учурда аны көзөмөлдөө жана жоопкерчилик тартуу;
18. Майда чыгымдарга арналган каражаттарды колдонууну көзөмөлдөө.

**Келишимди токтотуу жана өзгөртүү шарттары**

1. Келишим кол коюлган учурдан баштап күчүнө кирет.
2. Келишимдин мөөнөтү - негизги жалпы билимге ээ болгонго чейин.
3. Эгер тараптардын бири да келишимдин аяктоо мөөнөтүнө үч ай калганга чейин аны токтотуу тууралуу билдирбесе, келишим автоматтык түрдө узартылат.
4. Келишим мөөнөтүнөн мурда да токтотулушу мүмкүн.
5. Келишим барабар күчтөгү эки нускада түзүлдү. Бир нускасы окуучунун жеке делосунда, экинчиси окуучуга же анын ата-энесине тапшырылат.

| | |
|---|---|
| **Мектеп директору** (аты-жөнү): | **Ата-эне** (аты-жөнү): |
| ________________________________ | ______________________________ |
| **Мектептин дареги** | **Дареги** |
| ________________________________ | ______________________________ |
| **Колу** ____________________________ | **Колу** _________________________ |
| **МО** | |

**7-инструмент:**

**Мектеп-үй келишими**

Бул үч тараптуу келишимдин үлгүсү мектептен чыгып калууну жоюу жана сабак калтыруулардын санын азайтуу үчүн, ошондой эле мектеп менен ата-энелердин ортосундагы мамилелерди жакшыртуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

**Мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы келишим**

***Биз мектеп катары:***

- окуунун коопсуз шарттарын, ар түрдүүлүктү сыйлоону, балдарга адилет жана тең укуктуу мамилени камсыз кылабыз;
- окуучулар Кыргыз Республикасындагы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына дал келүүчү жана ийгиликтүү жашоону баштоо үчүн зарыл болгон билимдерге жана көндүмдөргө ээ болушу үчүн баарын жасайбыз.

- окуучулардын мектептеги жетишүү, катышуу жана жумуштуулук көрсөткүчтөрүн жакшыртууга жардам берүү үчүн бардык мүмкүн болгондорду жасайбыз.

*Датасы: Аты: Колу:*

***Окуучу катары мен төмөнкүлөргө макулмун:***

- окуу жылы ичинде мектепке күндө барууга жана кечикпөөгө;
- мектептин Уставын сактоого жана персоналдары менен кызматташууга;
- мектептин жана башка адамдардын менчигин сыйлоого;
- өзүмдүн ийгиликтерим жана кемчиликтерим үчүн жоопкерчиликти алып жүрүүгө;
- үй тапшырмаларын өз убагында жана керектүү деңгээлде аткарууга макулмун.

*Датасы: Аты: Колу:*

***Как родитель/или лицо, их замещающее, я беру на себя ответственность:***

- баламдын мектепке күн сайын өз убагында келишине кепилдик берем;
- баламдын окуусундагы өсүшкө жана ишке активдүү кызыгуусун жаратам;
- мектептин максаттарга жетүүсүнө колдоо көрсөтөм.

*Датасы: Аты: Колу:*

## *7.3 Окуучуларды максаттуу колдоого алуу*

### *7.3.1 Насаатчылык*

Насаатчылык окуунун бардык мезгилинде окуучуларды колдоого алуунун жана багыттоонун натыйжалуу ыкмасы болуп саналат.

Балдарга жана өспүрүмдөргө өзүнүн убактысынын бир бөлүгүн акысыз арноого кызыкдар тараптар насаатчылар болуп саналат. Мугалимдер, мектептин соцпедагогу, университеттин студенттери, жогорку класстардын окуучулары, классташтары, жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү же башка чоңдор насаатчы боло алышат. Ушундай жол менен баланы жалгызсыратпай, мектептеги балдардын арасында анын өзүн-өзү баалоосун жана кадыр-баркын жогорулата турган «тууганы» же досу пайда болот. Көбүнчө насаатчылар өздөрү камкордукка алган балдарга тигил же бул кырдаалдан кантип чыгуу керектиги боюнча кеңештери менен жардам беришет.

Насаатчылыктын принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- ыктыярдуулук;
- гумандуулук;
- баланын укуктарын сактоо;
- конфиденциалдуулук;
- жоопкерчилик;
- баланын турмушун жакшы жагына өзгөртүүнү чын ниеттен каалоо;
- инсанды көрө билүү.

Насаатчылык окуучуларга толук, көбүнчө жекече өнүктүрүү боюнча төмөнкүдөй иш-чаралар аркылуу колдоо көрсөтүүгө багытталган:

- максат коюу;
- өзүнө өзү баа берүүнү жогорулатуу
- мектепке үзгүлтүксүз баруу;
- сабак калтырууларды жана кечигүүлөрдү жоюу;
- билим берүү жолун тандоо;
- мектептен эмгек ишмердүүлүгүнө өтүү.

Мындан тышкары, насаатчылыкты окуу программасын өздөштүрүүгө же үй тапшырмаларын аткарууга кошууга болот.

**Насаатчылыктын ийгиликтүү схемасын уюштуруу үчүн мектептер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1. Насаатчы болууга кызыкдар улуу адамдарды (мугалимдерди, ата-энелерди ж.б.) же окуучуларды (жогорку класстын окуучуларын же классташтарын) табуу жана каттоо.
2. Мектепте насаатчылык программасын алга жылдыруу жана насаатчылыкка кызыккан окуучуларды каттоого алуу.
3. Насаатчыларды жана алар тарабынан камкордукка алынгандарды инсандык кызыкчылыктарынын негизинде бириктирүү.
4. Насаатчыларга жана алардын окуучуларына насаатчылыктын эрежелерин түшүндүрүү.
5. Насаатчылардын жана алар камкордукка алган балдардын ийгиликтерине көз салуу.

**Насаатчылар жана алар камкордукка алгандар төмөнкүлөрдү аткара алышканда, насаатчылык натыйжалуу иштей алат:**

- жумасына бир жолу, же эки жумада бир жолудан үзгүлтүксүз жолугушуп туруу;
- бири-бирин билүү жана ишенимдүү мамиле түзүү үчүн белгилүү бир убакытты бөлүү;
- чечилүүгө тийиш болгон приоритеттер жөнүндө макулдашуу;
- ачык дискуссияларды өткөрүүнү макулдашуу;
- өз жетишкендиктерин такай талкуулап туруу.

**Мисал:**

**Насаатчылык окуудан чыгып калуу коркунучунда турган окуучуну мектепте кармоого жардам берет**

**1. Көйгөйдү баяндоо**

Жолонали уулу Айтмамат 2001-жылы туулган, Ноокат районунун Ынтымак айыл өкмөтүндөгү «Беш-Буркан» орто мектебинин 9-классында окуйт. Атасы бир жыл мурун дүйнөдөн кайтып, беш баласы калган. Атасынын өлүмүнөн кийин Айтмамат күлгөндү, достору менен пикир алышууну токтоткон, мектепке да барбай койгон. Айтмаматтын апасы өзүнүн 5 баласы менен жалгыз калып, чоң уулу Россияга иштегени кетет, бирок ден соолугуна байланыштуу бат эле кайтып келет. Апасы эч жерде иштеген эмес, бирок күйөөсүнүн өлүмүнөн кийин балдарын көтөрүү үчүн жумуш табууга муктаж болот. Айтмамат үйдө калып, апасына жардамдашат: ал үйдө өзүнүн инилери менен карындаштарына көз салат, кошуналардын малдарын карап берип, түшүм жыйнашып, отун жарып акча табат. ж.б., ошондуктан ал бара-бара мектептеги сабагын көп калтырчу болду.

**2. Көрүлгөн чаралар**

Айтмататтын үй-бүлөсүндөгү кыйынчылыктар тууралуу мектептин социалдык педагогу билген, ал ошол класска кыргыз адабиятынан сабак берет. Сабакты тез-тез калтырганынан улам Айтмамат класссташтарынан байкаларлык артта калат. Айтмаматтын үй-бүлөсүнө жардам көрсөтүү үчүн социалдык педагог М.Абдылдаева мектеп администрациясы менен бирге анын апасына Беш-Буркан айылында жаңы ачылган балдар бакчасына жумушка орношууга жардам берет.

Ал мектеп активисткасы Жумакандан балага окуусуна жардам берүүнү өтүнөт, ошондой эле Айтмаматтын үй-бүлөсүндөгү оор кырдаалды ал кызга түшүндүрүп, аны шефтикке алууну да сунуштайт. Башталышында ал кыз күн сайын эрте менен мектепке барчу жолдо Айтмаматты чакырып, сабактарга бирге келип, чогуу үйгө кайтып жүрүштү. Жумакан ар күнү Айтмаматка үй тапшырмасын аткарууга жардам берип, андан сабакта коркпой жооп берүүсүн суранат. Ал кыз Айтмаматты мектептин коомдук турмушуна да активдүү тарта баштады. Ошентип Айтмамат 9-класстардын бүтүрүү кечесинде 9-май майрамына арналган иш-чарага катышты.

**3. Өнүгүүлөр тарыхы**

Мектептин социалдык педагогу окуусуна жардам берүү менен Жумакан Айтмаматты мектепке, мектептин активдүү турмушуна тарта алгандыгын белгилейт. Класс жетекчиси да Айтмаматтын күлүп, башкалар менен пикирлешип, сабактарда жооп берип, өз убагында мектепке келип, эң башкысы – сабакты калтырбай калганын айтты.

Айтмаматтын апасы жумушка орношкондон кийин, баласын мектепке өз убагында жөнөтүүгө аракет кылып калганын, ошондой эле баласындагы жакшы өзгөрүүлөрдү: ал кечинде сабактарга даярданып, үй тапшырмасын аткарып калганын, достору менен тез-тез пикирлешип, өзүнүн инилеринин жана карындаштарынын сабактарына жардамдашып жатканын байкаганын билдирди.

### *7.3.2 Окутуунун бир баскычынан башка баскычына өтүүдөгү ордун басуучулук*

Окуучуларда бир билим берүү баскычынан экинчисине өтүүдө колдоо көрсөтүү жана ийгиликтүү башталыш болуш үчүн биз төмөнкү иш-чараларды сунуштайбыз:

- Мектептеги жаңыдан келген окуучулардын баарынын ата-энелери менен жекече жолугушууларды уюштуруңуздар: бул мүмкүнчүлүктү аларды мектеп менен, персоналдар менен, мектеп саясаты жана ишмердүүлүгү (ийримдер, секциялар, клубдар ж.б.) менен тааныштырууга да пайдаланыңыз. Аларга байланыш телефондорду бериңиз.
- Мектепке келген ар бир жаңы окуучуга «жолдошун» дайындаңыз. Ушундай жол менен ар бир жаңы келген окуучуда кайрадан бир нерсени сурай ала турган жакыны боло берет да, натыйжада башкалар менен достошуп кетүүгө жеңил болот.
- Жаңы окуу жылынын башталышына чейин **бардык жаңы келе турган окуучуларга жана алардын ата-энелерине** мектепти көрүп, персоналдар менен таанышып чыгууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн **«Ачык эшиктер күнүн»** уюштуруңуздар. Бул айрыкча кенже жана ортоңку класстар үчүн пайдалуу.
- 5-класска өтүп жаткан башталгыч мектептин окуучуларын жана 9-класстын окуучуларын аларды кызыктырган бардык суроолорго жооп берүү аркылуу даярдаңыздар. Ордун басуучулукту камсыз кылуу менен өздөрүнүн бир баскычтан экинчи баскычка өтүү тажрыйбасын бөлүшүү үчүн ушул класстардын окуучуларын чакырыңыздар.

## 7.4 Мектептен чыгып калуу коркунучуна кабылган балдарды колдоо үчүн мугалимдерди кызыктыруу

### 7.4.1 Бул эмне үчүн бул маанилүү?

Мугалимдер класстагы бардык окуучуларга, айрыкча, **жетишүү жагынан аксаган окуучуларга** көңүл буруулары керек. Кеп класстагы жетишүүнү жогорулатууда гана эмес. Ар түрдүү себептерге байланыштуу мектепке келбей жүрүшкөн балдардын **өздөрү чечүүгө алсыздык кылган** социалдык, укуктук, медициналык жана педагогикалык мүнөздөгү **көйгөйлөрү** болушу мүмкүн. Практика тастыктагандай, мектепке **келбөө көйгөйү эрте аныкталып жана ага карата эрте чара көрүлсө, бул экономикалык эле натыйжа** бербестен, болочокто балдарга билимди өз убагында алып жана коомдун толук кандуу мүчөсү болуусуна мүмкүнчүлүк берүүчү социалдык натыйжа да берет.

### 7.4.2 Окуудан артта калган окуучуларды колдоо үчүн класстык стратегия

Окуусу артта калган окуучуларды колдоо үчүн мугалим класста ар кандай стратегияларды пайдалана алат:

- билими күчтүү окуучуну начар окуган окуучуга бекитип берүү;
- программадагы калтырылып кеткен темалар боюнча окуучуларга кошумча сабак өтүү;
- окуучуларга багытталган ыңгайлуу жагдай түзүү;
- артта калгандарды окуудагы ар кандай ийгиликтери жана активдүүлүгү үчүн дем берип кызыктыруу;
- алардын ата-энелери менен окуучулардын окуусундагы позитивдүү өзгөрүүлөр жөнүндө аңгемелешүү;
- ар бир окуучуну окуу процессине тартуу үчүн сабактарда окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуу;
- сабакты жеткиликтүү жана көрсөтмө дидактикалык материалдар менен камсыз кылуу.

### 7.4.3 Мугалимдерди кантип мотивациялоо керек?

Мектепке келбеген балдар менен иштөө **көп убакытты**, балдар жана алардын ата-энелери менен өз ара аракеттешүүнүн **кыйынчылыктарын талап кылган аргасыз милдетке** айланбашы үчүн, мугалимдердин көп күчтү талап кылуучу жана керектүү иштерин **түрдүү стратегияларды жана методдорду** пайдалануу аркылуу **кызыктыруу зарыл**.

Бул стимулдаштыруучу фонд аркылуу материалдык колдоо көрсөтүү (эмгек акыга кошумчалоо) да болушу мүмкүн. Бул үчүн мектепте мугалимдердин артта калган окуучулар, окууга тартылбаган, же сабакка келүүсү үзгүлтүккө учураган, мектептен чыгып калуу коркунучуна кирген балдар менен иштөө натыйжаларын камтыган көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу керек. Натыйжалуулуктун критерийлери катары мектепке кайткан, сабакка үзгүлтүксүз катышкан балдардын саны ж.б. болушу мүмкүн.

Ошондой эле мугалимдердин ийгиликтерин сыйлыктар, санаторияларда эс алууга жана экскурсияларга жолдомолор ж.б. аркылуу белгилеп, аларды грамоталар менен сыйлоого болот.

**Мисал:**

**Сабакты калтырган балдар үчүн кошумча сабактарды уюштурган мугалимдердин ортосунда стимфондду бөлүштүрүү**

**1. Көйгөйдүн баяндалышы**

Улуу-Тоо айылында 47 окуучу билим алып жаткан, чакан 9 жылдык мектеп иштейт. Мектепке балдар эң узагы айылдан 6-7 км алыстагы чабандардын үйлөрүнөн келишет. Айылдын өзгөчөлүгү - ага эң жакын кыштак 12 км алыстыкта, Өзбекстандын чек арасында жайгашкан жана жакын ортодо калк отурукташкан пункттар жок. Кеч таң атып, эрте кеч кирген кеч күздө жана кышында, жамгырлуу жана карлуу аба ырайында балдарга сабакты калтырууга туура келет, себеби ээн жолдо балдарга чөөлөр, талаадагы иттер кол салышы мүмкүн. Ата-энелер дайым эле балдарын мектепке алып келип, алып кете алышпайт, машинасы барлар гана күн сайын өз балдарын мектепке ташып турушу мүмкүн, көпчүлүгүндө эч кандай транспорттук каражат жок болгондор да кездешет.

**2. Көрүлүүчү чаралар**

Билим алуусунда үзгүлтүктөрдү болтурбоо максатында, сабактарды калтырууга мажбур болгон балдар үчүн ар дайым комушча сабактарды жүргүзүп келген мугалимдерге стимулдаштыруучу фонддон каражат бөлүп берүү керек. Мындай демилге кошумча сабактарды өткөрүүгө стимулдаштыруучу фонддогу каражаттардан бөлүү жөнүндө чечим кабыл алган мектептин педагогикалык кеңешмесинде талкууланган. Кошумча сабактардын расписаниеси бир жумадагы катышууга жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары боюнча жума сайын жаңыланып илинип турат. Мектеп активисттери күн сайын катышууну көзөмөлгө алышат жана сабак калтырган окуучулар жөнүндө маалымат беришет. Жуманын аягында окуу-тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары жана социалдык педагог биргеликте расписание түзүп, негизги расписаниенин жанына илип коюшат. Мурунку жумада мектепке келбеген балдар өздөрү калтырган предметтер боюнча кошумча сабактарга катышышат.

**3. Өзгөрүүлөрдүн тарыхы**

Социалдык педагогдун айтуусуна караганда, мектептен алыста жашаган окуучулар мурда сабак калтырууларынан улам өз классташтарынан бир топ эле артта калышчу, бирок кошумча сабактарды уюштургандан кийин башка окуучулар менен барабар эле жетишип калышкан, ал эми мажбур болгон сабак калтыруулар алардын билим алуусундагы үзгүлтүктөргө себеп болбойт. Ошол эле учурда сабактарды жөн эле каалоосу жок болгон үчүн калтыра берүүчү окуучулар эгер сабак калтырышса, анда мугалимдер аларды сөзсүз кошумча сабактарга катыштыра турганын түшүнүп калышты.

Завуч да мектептен алыста жашаган окуучулардын жетишүүлөрү бир топ жакшырганын, анткени калтырган сабактарын кошумча сааттарда калыбына келтирип жатышкандыгын белгиледи.

# 7. МЕКТЕПТЕГИ КАТЫШУУ ЖАНА САБАКТАРДЫ КАЛТЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИН ЧЕЧҮҮ

## *7.1. Мектепке үзгүлтүксүз келүүнүн маанилүүлүгү*

Мектепке үзгүлтүксүз келген балдарда өздөрүнүн дараметин толук ачууга көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр болот. Сабактарды калтыруу окуучунун өзүнө жана анын айлана-чөйрөсүнө терс таасирин тийгизери далилденген. Мындан тышкары, сабакка келбөө окуучунун ийгиликтерин чектөө менен окууну үзгүлтүккө учуратуунун алгачкы белгиси болуп саналат. Катышуусу начар балдарда төмөнкүлөр коркунуч жаратат:

- окуу программасын өздөштүрбөй калуу;
- экинчи жылга ордунда калуу;
- мөөнөтүнөн мурда окууну таштоо;
- социалдык изоляцияда калуу;
- укук бузуучулук иштерге баруу;
- зордук-зомбулуктун курмандыгы болуу.

Мектепте сабакты калтыруу себепке караганда көбүрөөк симптом болуп саналат. Башкаларды койгондо да, ал төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

- бала ооруйт, же ден соолугу жагынан көйгөйү бар;
- транспорттун жоктугунан бала үчүн мектепке баруу кыйынга турат;
- бала үй-бүлөлүк бюджетке финансылык же эмгек салымын кошууга туура келет (акы төлөнүүчү иштерде иштөө, үй-бүлөлүк фермада/ талаада ж.б. иштөө);
- бала өзүнүн жашына ылайык келбеген үй милдеттерин аткарат, же кичинекей ини-карындаштарын, үй-бүлөдөгү улгайгандарды же оорулуу туугандарын карайт;
- үйдө баланын жашоосу көйгөйлүү (үй-бүлөдөгү зомбулук, үй-бүлөлүк оор жагдайлар, эрте никеге туруу ж.б.у.с.);
- бала мектеп чөйрөсүндө өзүн коопсуз сезе албайт;
- баланы кордошот;
- бала окуудан артта калат жана мунусунан уялат.

Мындан тышкары, мектеп чөйрөсү баланын керектөөсүнө ыңгайланышкан эмес, ал эми баланын үй-бүлөсү ага жана анын билим алуусуна колдоо көрсөтүшпөйт.

## *7.2. Сабак калтырууларга мониторинг жүргүзүүнүн маанилүүлүгү*

Мектепте сабакка келбөөгө милдеттүү түрдө мониторинг жүргүзүлүшү керек. Балдар мектепте окуп жаткан мезгилде, алар педагогикалык жамааттын жоопкерчиликтери алдында болушат. Сабак калтырууларга байкоо жүргүзүү мектептен чыгып калуу же окуусун аяктабоо коркунучуна кирген окуучуларды жана социалдык жактан коргоого жана колдоого муктаж балдарды аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Сабакты калтырууларга жүргүзүлгөн мониторинг райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө чоң колдоого жана айрым иштерди жетекчиликке алууга муктаж мектептерди аныктоого мүмкүндүк берет. Анткени, бул мектептерде:

- мектептик атмосфера начар;
- жетишүү төмөн;
- башкаруу ыкмасы начар;

- турмуштук татаал кырдаалда жашашкан балдардын үлүшү жогору.

Мындан тышкары, мектепке келбөөлөргө мониторинг жүргүзүү мектептерге, райондук/ шаардык билим берүү башкармалыктарына, КРдин ББжИ министрлигине мектептен чыгып калуу учурларын табууга жана конкреттүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берет.

Мектепке келбөөлөргө мониторинг жүргүзүү мектептердин өзүндө, башка мектептердин жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн ортосунда маалыматтарды талдоонун механизмдерин, маалыматтарды адьекваттуу жана ырааттуу жыйноону талап кыла турган алгачкы кадам болуп саналат.

### 7.2.1. Мектепке келбөөлөрдү жөнгө салуунун маанилүүлүгү

Мектепке келбөө маселеси менен иштөө жана аны жөнгө салуу керек, анткени:

- ата-энелер жана мектеп сабакты калтыруу маселеси боюнча пикир алмашуулары керек (ата-энелер бала ооруп калган учурда мектепке билдирип, ал эми мектеп бала сабакка катышпаган учурлар жөнүндө ата-энелерге кабарлоого тийиш).
- мектептер сабакты калтырууларга каршы аракеттенүүлөрү керек, анткени бул балдардын коопсуздугуна жана жетишүүсүнө коркунуч туудурат.
- Министрлик, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү сабакты калтырууларга каршы аракеттенүүлөрү керек, анткени бул көйгөй балдардын коопсуздугуна жана социалдык биримдигине, экзамендердин жыйынтыктарына, баары биригип келип баланын келечегине коркунуч туудурат.

Мектепке келбөөнү башкаруу дегендик сабакты калтырууларга мониторинг жүргүзүүнүн талапка ылайык өткөрүлөрүн жана балдардын сабактарга үзгүлтүксүз катышууларын камсыз кылуу үчүн тийиштүү чаралардын өз убагында көрүлүшүнүн кепилдиги катары каралат.

## 7.3. Сабакты калтырууларга жоопкерчилик

Мектептеги сабак калтырууларды башкаруу тартибин жана мониторинг жүргүзүү тартибин мектептик, райондук деңгээлде аныктоо жана жайылтуу зарыл. Төмөндө билим берүү башкармалыгынын тийиштүү органы тарабынан үйрөнүлүп, толтурулууга тийиш болгон мониторинг модели келтирилди.

| Жооптуу катышуучулар | Иш-аракеттер |
|---|---|
| Ата-энелер | ***Сабакка катышпоо пландаштырылган учурда:*** ата-энелер мектепке кайрылышып, сабакты калтыруунун себебин түшүндүрүшүп, уруксат алышат.<br>***Сабакка катышпоо пландаштырылбаган учурда:*** ата-энелер баланын сабакка катышпаган биринчи күнү эле мектепке кайрылышып, сабак калтыруунун себебин түшүндүрүшөт. Эгерде бала ооруп, сабакка 3 күндөн ашуун келе албай калса, анда сөзсүз түрдө, медициналык маалым кат көрсөтүлүшү керек. |
| Предметтик мугалимдер | Ар бир сабакта катышпагандарды белгилешет. |
| Класс жетекчи<br>Класс жетекчилер биринчилерден болуп, ата-энелер менен байланышка чыгышат. | Класстык журналдагы маалыматтардын негизинде сабакка келбеген окуучулар жөнүндө күн сайын маалымат топтойт.<br>Эгер сабакты калтыруу мурда макулдашылбаган болсо, уруксат алынбаган болсо, бала сабакка келбеген биринчи эле күнү ата-энелер менен байланышат. Экинчи жолу телефон аркылуу/ же баланын үйүнө баруу аркылуу байланышат. |
| Мектеп администрациясы | Окуучу эч себепсиз 3 күндөн ашуун сабак калтырса, анда мектеп ата-эне жана бала менен мектепте, же үйдө жолугушуу уюштурат. Бул жолугушуулардын жүрүшүндө мектеп сабак калтыруунун себептерин тактайт жана көйгөйдү чечүү үчүн алгачкы кадамды аныктайт. |

| | |
|---|---|
| *Маалымат үчүн:*<br><br>Мектеп жетекчилигине бала 3 күндөн ашуун себепсиз сабак калтырган учурларды кароо сунуш кылынат. | Мектеп ата-энелердин, айыл өкмөтүнүн  жана башка жамаат мүчөлөрүнүн кызматташтыгынын натыйжасында мектепке кайткан балага колдоо көрсөтүү боюнча чараларды кабыл алат.<br><br>Балага кооптуулук туулган учурда, зомбулукка же эксплуатацияга кабылганда мектеп социалдык кызматтарга же милицияга кабарлайт.<br><br>Окуучу 10 күндөн ашуун себепсиз сабакка келбеген учурда  мектеп райондук/ шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө  кабарлайт. Окуучу 40 күн себепсиз сабак калтырган учурда  анын делосу  райондук/ шаардык  билим берүү башкармалыгына берилиши керек. |
| Мектеп | Жума сайын жана ай сайын сабак  калтырууларга  мониторинг жүргүзөт  жана тиешелүү мүнөздөгү приоритеттүү  тартипте сабак калтыруулардын эң жогорку деңгээлиндеги/ коэффициентиндеги **балдарга/ үй-бүлөлөргө** жана **класстарга/ баскычтарга максатталган** төмөнкү ишмердүүлүктөрдү уюштурат:<br>• Мектепке баруунун маанилүүлүгү жөнүндө жана мектепке барбоонун эрежелери тууралуу  ата-энелердин маалымдуулугун жогорулатуу.<br>• Мектепке баруунун маанилүүлүгү жөнүндө жана мектепке барбоонун эрежелери тууралуу  окуучулардын  маалымдуулугун жогорулатуу.<br>• Балдардын мектепке баруу деңгээлин жогорулатууга  багытталган иш-чараларды өткөрүү.<br>• Мектептеги иш-чараларга жана чечимдерди кабыл алуу ишине ата-энелердин катышуусун күчөтүүгө багытталган иш-чараларды өткөрүү. |

**8-инструмент:**

**Сабакка катышуунун жана сабак калтырууларды көзөмөлдөөнүн мисалы**

**№10 орто мектептеги сабактарды калтырууга мониторинг жүргүзүү механизми жөнүндө**

**ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык, жалпы билим берүүчү мекемелерди тандоодо үй-бүлөнүн керектөөлөрүн канааттандыруудан жана  баланын кызыкчылыктарынан, билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын принциптеринен улам, жалпы билим берүүчү мектепте окушу керек болгон балдарды каттоону уюштуруу боюнча иштерди тартипке келтирүү жана системалоо, ошондой эле балдардын жана өспүрүмдөрдүн негизги билимди алуу укуктарын жүзөгө ашырууну камсыздоо  максатында окуучулардын сабак калтырууларына мониторинг жүргүзүүнүн механизмдери жөнүндө ушул Жобо иштелип чыкты.

**2. Класс жетекчинин окуучулардын сабак калтырууларына мониторингди уюштуруу боюнча иш-аракеттери**

2.1. Класс жетекчи:

- Сабакка катышпаган окуучуларды эсепке алууну күн сайын жүргүзөт.
- Предметчи мугалимдердин сабакка келбегендерди өз убагында белгилешин көзөмөлдөйт.
- Күн сайын окуу аяктагандан кийин калтырылып кеткен сабактарды класстык журналдагы «Калтырылып кеткен сабактардын санын каттоонун жыйынтык ведомостуна» жазып коёт.

- Мектепке келбеген балдарга мониторинг жүргүзүү жөнүндө күн сайын жооптуу адамга форма боюнча (*1-тиркеме*) маалымат берет.
- Такай сабак калтырган окуучу катышуу күндөлүгүн алат жана сабактын аягында предметчи мугалимге кол койдурат, ал эми ар жуманын аягында тарбия иштери боюнча завучка текшерүүгө берет (*2-тиркеме*).

**3. 3 күндөн ашуун сабак калтырган балдар менен иштөөнүн механизми**

3.1. Класс жетекчи мектепке келбей калуусунун себебин аныктоо жана ата-энеге кабарлоо максатында окуучунун үйүнө барат.

3.2. Ата-эне менен биргеликте баланы мектепке кайтаруу боюнча иштерди жүргүзөт.

3.3. Чара көрүлгөндөн кийин да окуучу мектепке барбаган учурда төмөнкү иштерди жүргүзөт:

- окуучунун үй-бүлөсүнө жашы жете электер менен иштөө инспекциясынын кызматкери жана социалдык педагог менен биргеликте барып, акт түзүлөт.
- мектеп администрациясы менен сүйлөшүү үчүн ата-энени мектепке чакырат, мында да акт түзүлөт.
- ата-энени Профилактикалык кеӊешке чакырат, анын протоколунда зарыл болгон маалыматтын баары жазылат.
- окуучуну мектепке кайтаруу боюнча балага жана үй-бүлөсүнө таасир этүү үчүн ата-энелер коомчулугун (жергиликтүү коомчулук) тартат, ал тууралуу акт түзүлөт.
- Балдар иштери боюнча комиссияга документтердин топтомун даярдайт.

3.4. Класс жетекчи сабакка келбеген балдарга мониторинг жүргүзүү боюнча жооптуу администраторго аткарылган иштер жөнүндө форма боюнча (*3-тиркеме*) эсеп-кысап берет.

**4. Администрациянын ишинин механизми**

4.1. Мектеп жетекчиси сабакка келбеген балдарга мониторинг жүргүзүү үчүн жооптуу администраторду буйрук менен дайындайт;

4.2. Жооптуу администратор мектепке келбеген окуучулардын мониторингинин жыйынтык ведомостун күн сайын форма боюнча (4-тиркеме) жүргүзөт;

4.3. Жооптуу администратор жума сайын мектепте сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берет;

4.4. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 2-главасынын 16-беренесинин жана 3-главанын 27-беренесинин аткарылышы боюнча иштерди уюштурат жана координациялайт.

***1-тиркеме.***

**Сабакка катышпаган окуучулар жөнүндө күнүмдүк маалымат**
**«___»-класс «_____» ______________________20___-жыл**

| № | Окуучунун аты-жөнү | Үй-бүлөсүнүн категориясы | Туулган жылы | Үй дареги | Себеби |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

Класс жетекчиси ____________________________________________________________

***2-тиркеме.***

**«_____» классынын окуучусу __________ сабакка катышуусу боюнча күндөлүгү**
**20____-жылдын "___" ___________ нан "___" _______________на чейин**

| Жуманын күндөрү | № | Предметтер | Окуучунун аты-жөнү | Колу | Датасы |
|---|---|---|---|---|---|
| дүйшөмбү | 1. | математика | | | |
| | 2. | орус тили | | | |
| | 3. | кыргыз тили | | | |
| | 4. | этика | | | |
| | 5. | дене тарбия | | | |
| шейшемби | 1. | математика | | | |
| | 2. | кыргыз тили | | | |
| | 3. | англис тили | | | |
| | 4. | адабият | | | |
| | 5. | дене тарбия | | | |
| шаршемби | 1. | математика | | | |
| | 2. | адабият | | | |
| | 3. | орус тили | | | |
| | 4. | география | | | |
| | 5. | биология | | | |
| бейшемби | 1. | математика | | | |
| | 2. | адабият | | | |
| | 3. | биология | | | |
| | 4. | физика | | | |
| | 5. | технология | | | |
| жума | 1. | орус тили | | | |
| | 2. | англис тили | | | |
| | 3. | физика | | | |
| | 4. | ОИВТ | | | |
| | 5. | ОИВТ | | | |
| ишемби | 1. | орус тили | | | |
| | 2. | кыргыз тили | | | |
| | 3. | тарых | | | |
| | 4. | музыка | | | |
| | 5. | эмгек | | | |

Директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары ____________________________

***3-тиркеме.***

**3 күндөн ашуун мектепке келбеген окуучулар менен аткарылган иштер жөнүндө класс жетекчинин отчету**

| № | Окуучунун аты-жөнү | Үй-бүлөсүнүн категориясы | Туулган жылы | Үй дареги | Себеби | Аткарыл-ган иштер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

Класс жетекчиси ______________________________________________

***4-тиркеме***

**Мектепке келбеген окуучулардын мониторинги боюнча жооптуу администратордун күнүмдүк жыйынтык ведомосту**

| Мектеп боюнча саны | Класс | Класстагы саны | Сабакка катышпагандардын саны | Окуучунун аты-жөнү | Себеби | Аткарылган иштер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

***5-тиркеме***

**№ 10 мектептеги сабакты калтыруунун мониторинги боюнча жумалык маалымат «____» _____________20___ жыл**

| № | Окуучунун аты-жөнү | Туулган жылы | Дареги | Үй-бүлөсүнүн категориясы | Себеби | Аткарылган иштер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

Мектеп директору ________________________________________________________

## 9-инструмент:

**Ош областында сезондук иштер учурундагы биргелешкен ишмердүүлүктүн мисалы**

Мектеп парламенти же мектеп активи тарабынан толтурулуучу “Катышуу экраны” инструменттердин бири болуп саналат. “Катышуу экраны” мектепте илинип туруу менен окуучуларды өз класстарындагы сабактарга катышуунун көрсөткүчтөрүн жакшыртууга дем берет, анткени айдын жыйынтыгында (кээ бир мектептерде жуманын жыйынтыгында) балл коюлат жана катышуусу боюнча мыкты класстар белгиленет, бул класстардын тушуна айырмалоочу кызыл белгилер коюлат.

_________________________ областынын _________________________ районундагы
________________________________ атындагы № ___ мектебинин окуучуларынын

**КАТЫШУУ ЭКРАНЫ**

| Класстар | Окууч.саны | 13.01-18.01 | 20.01-25.01 | 27.01-01.02 | 03.02-08.02 | 10.02-15.02 | 17.02-22.02 | 24.02-02.03 | 03.03-08.03 | 10.03-15.03 | 17.03-20.03 | 01.04-05.04 | 07.04-12.04 | 14.04-19.04 | 21.04-26.04 | 28.04-03.05 | 05.05-10.05 | 12.05-17.05 | 19.05-24.05 | Ср. пос-сть класса % | Место |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Мектеп парламенти бул жерге мониторинг учурунда катышкан окуучулардын санын көрсөтөт | | | | | | | | | | | | | | | | | | Айдын аягында жыйынтык чыгарылат | |
| 1Б | 20 | | | | | | | | | 80% | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**Эскертүү:** Ар бир аптанын акырында жыйынтыгы чыгарылат жана 1-2-3-орундарга вымпелдер берилет. Жыл жыйынтыгында 1-2-3 орундарды алган класстарга ардак грамоталар жана баалуу белектер тапшырылат.

## *7.4. Сабак калтыруулардын санын кыскартуунун стратегиясынын мисалы*

**Мисал:**

Ноокат районунун Жаңы-Ноокат АӨ Күнгөй участкасынан 101 баланы мектепке ташуу үчүн транспорт уюштуруу жолу менен сабак калтыруулардын санынын кыскарышы

*Ош облусунун Ноокат районунун Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн калкынын табигый демографиялык өсүүсүнө байланыштуу аталган АӨ жергиликтүү элге турак-жай салуу үчүн, жер иштетүү жана мал чарбачылыгы менен алектенүү үчүн жер участокторун бөлүп берген. Күнгөй айылы - Жаңы-Ноокат айылынан 4 километр алыстыкта жайгашкан, 80 кожолук жашаган, жаңыдан эл отурукташкан аймак. Күнгөй жаңы конушунда азырынча бир да социалдык обьект, анын ичинде мектеп да жок. Мектеп жоктугуна карабастан, бул айылдагы бардык мектеп жашындагы балдар алыскы айылдагы мектепке барып окушат.*

*Жаңы-Ноокат АӨнүн социалдык кызматкери Абдурахмон Худайназаровдун билдирүүсүнө караганда, күнгөйлүктөр балдарды мектепке ташуу үчүн өздөрүнүн каражаттарына эски автобусту оңдоп-түзөштү. Балдарга күн сайын, айрыкча кышында мектепке жөө барып келүү кыйын болчу. Сабакка көп кечигүү, биринчи сабакка жетишпей калуу, үйгө жарыкта жетүү үчүн акыркы сабактардан эрте кетүү сыяктуу учурлар көп болчу.*

*Күнгөй айылында жашаган орус тили мугалими Н.Жамолова билдиргендей, кышындасы окуучулар 1-сабакка жетишип келе албай калышчу, ал эми экинчи сменде окушкан окуучулар үйлөрүнө жарыкта жетип алуу үчүн акыркы сабактардан бошотулчу. Мугалимдер балдарды жарым жолго чейин узатууга аргасыз болушчу, ошол убакта класста калган башка окуучулар кароосуз олтурушчу. Быйылкы окуу жылында эски автобус мектептик каттамга ишке киришкенден кийин, окуу процесси нормалдуу нукка түшүп, ата-энелер да балдары үчүн санааркабай калышты.*

*2-«А» классынын окуучусу Зебахон Махаммаджон кызы жакшы окуйт. Аны “тынчсыздандырган” бир гана нерсе - математика сабагы. Зебахон жана*

*анын бир катар классташтары Күнгөйдө жашашат, алар окууга аябай аракет кылып жатышкандыктарын, мектепке зор кызыгуу менен келише турганын жарыша айтып беришти. Автобус акысыз ташып жатканын да кошумчалай кетишти.*

*А.Худайназаров билдиргендей, мектеп автобусу жөнүндө идея 2012-жылы айыл өкмөтүнүн мүчөлөрү менен Күнгөй айылынын элинин жолугушуусун кийин жаралган. “ Айыл  эли автобус табууну макулдашышты. Бизден аны бензин менен камсыз кылууну суранышты. Бул маселени айылдык кеңештин сессиясында кароо учурунда ЮНИСЕФ эл аралык уюму “Мектепке барбаган балдар” деген аталыштагы долбоорду ишке ашырып жатканын уктук.  Бул уюм менен байланышып, өзүбүздүн маселебизди айттык. Долбоорго ылайык, биздин суроо-талабыбыз оң жагына чечилип, 2012-2013-окуу жылы үчүн мектеп автобусунун бензинине 25 миң сом бөлүндү. Биз бул долбоор аяктаганда,  кийинки окуу жылына мектеп автобусун бензин менен айыл өкмөтү камсыздаары жана бюджеттен акча бөлүү жөнүндө макулдашуу меморандумуна кол койдук”, - дейт Абдурахмон Худайназаров.*

# 8. ГЛОССАРИЙ

***Выявление детей и семей, находящихся в трудной жизненной ситуации*** – комплекс мер органов местного самоуправления и государственных органов по установлению факторов, угрожающих жизни, здоровью, развитию, воспитанию, благополучию детей и обусловливающих необходимость вмешательства с целью нормализации ситуации и устранения причин неблагополучия.

***Защита детей, находящихся в трудной жизненной ситуации*** – комплекс мероприятий по оказанию услуг социально-экономического, социально-медицинского, социально-психологического, социально-правового и иного характера, направленных на устройство, социальную поддержку, социальную адаптацию и реабилитацию детей, находящихся в трудной жизненной ситуации.

***Дети, находящиеся в трудной жизненной ситуации*** – дети, оставшиеся без попечения родителей, дети с ограниченными возможностями здоровья, дети, находящиеся в конфликте с законом, являющиеся жертвой насилия или преступления, дети, проживающие в малообеспеченных семьях, работающие дети, безнадзорные дети, беспризорные дети, а также дети, которые не могут преодолеть указанные обстоятельства самостоятельно или с помощью семьи.

***Дети, не посещающие школу*** – дети, подлежащие обучению в начальной общей и основной общей школе, которые: не зачислены ни в одну общеобразовательную организацию (школу); зачислены в какую-либо общеобразовательную организацию, но не посещают данное заведение более 30 учебных дней подряд без уважительных причин; официально оставили школу, и по различным причинам не зачислены в другие общеобразовательные организации.

***Детский труд (работающие дети)*** – как оплачиваемая, так и неоплачиваемая работа и деятельность, которая в психическом, физическом, социальном или моральном отношении сопряжена с опасностью для детей или причинением вреда детям.

***Дети, оставшиеся без попечения родителей*** – лица в возрасте до 18 лет, лишенные родительской заботы со стороны единственного или обоих родителей в связи с их смертью, а также, если родители неизвестны (дети-сироты), у которых отсутствуют родители в связи с лишением их или ограничением их родительских прав, признанием родителей безвестно отсутствующими, недееспособными (ограниченно дееспособными), нахождением их в лечебных учреждениях, отбыванием ими наказания в виде лишения свободы, нахождением их в местах содержания под стражей, уклонением родителей от воспитания детей или от защиты их прав и интересов, отказом родителей взять своих детей из воспитательных, лечебных учреждений, учреждений социальной защиты населения и других аналогичных учреждений и в иных случаях признания ребенка оставшимся без попечения родителей в установленном законом порядке.

***Дети, находящиеся в конфликте с законом*** – дети, являющиеся подозреваемыми, обвиняемыми в совершении преступлений, подсудимыми, осужденными за совершение преступлений, а также дети, в отношении которых ведется производство по делу об административном правонарушении, признанные в установленном законодательством порядке виновными в совершении административного правонарушения.

***Дети с ограниченными возможностями здоровья*** – дети, имеющие функциональные нарушения здоровья, обусловленные заболеваниями, последствиями травм или дефектами, приводящие к ограничению жизнедеятельности в результате физических и (или) психических недостатков и вызывающие необходимость их социальной защиты.

***Дети, являющиеся жертвой насилия или преступления*** – дети, в отношении которых совершено преступление или любое умышленное действие, если это действие ущемляет их законные права и свободы, причиняет им физические или психические страдания и наносит моральный вред, либо содержит угрозу физическому или личностному развитию.

***Дети, находящиеся в чрезвычайной ситуации*** – дети, находящиеся в зонах конфликтов и чрез-

вычайных ситуаций, жизнедеятельность которых объективно нарушена в результате сложившихся обстоятельств.

***Дети, проживающие в малообеспеченных семьях*** – дети из семей, имеющих ежемесячный доход на каждого члена семьи ниже гарантированного минимального дохода.

***Безнадзорные дети*** – ребенок, контроль над поведением которого отсутствует вследствие неисполнения либо ненадлежащего исполнения или уклонения от выполнения своих обязанностей по его содержанию, воспитанию со стороны законных представителей.

***Беспризорные дети*** – безнадзорный ребенок, не имеющий определенного места жительства и (или) пребывания.

***Законные представители*** – родители, усыновители, попечители, опекуны, при их отсутствии – сотрудник уполномоченного органа по защите детей.

***Мониторинг*** – непрерывный процесс наблюдения и регистрации параметров объекта, в сравнении с заданными критериями.

***Семья*** – круг лиц, связанных имущественными и личными неимущественными правами и обязанностями, вытекающими из брака, родства, усыновления или иной формы принятия детей на воспитание и призванными способствовать укреплению и развитию семейных отношений.

***Социальная поддержка*** – комплекс услуг социально-экономического, социально-медицинского, социально-психологического, социально-правового и иного характера, предоставляемых семьям и детям, находящимся в трудной жизненной ситуации;

***Трудная жизненная ситуация*** – ситуация, объективно нарушающая жизнедеятельность гражданина (инвалидность, неспособность к самообслуживанию в связи с преклонным возрастом или болезнью, сиротство, безнадзорность, малообеспеченность, безработица, отсутствие определенного места жительства, конфликты и жестокое обращение в семье, одиночество и т.п.), а также его морально-психологическое состояние, связанное с неспособностью самостоятельно преодолеть эту ситуацию.

# 9. РЕКОМЕНДУЕМАЯ ЛИТЕРАТУРА


**Официальные документы**

1. Закон «Об образовании» от 30 апреля 2003 года N 92.
2. Инструкция о порядке учета детей и подростков школьного возраста»// Постановление Правительства Кыргызской Республики от 14.ноября 1997 года за №667.
3. Кодекс Кыргызской Республики о детях, 2012.
4. Типовое положение о Комиссии по делам детей//В редакции Постановления Правительства КР от 11 ноября 2013 года за N 619.
5. Об утверждении Государственного образовательного стандарта среднего общего образования Кыргызской Республики от 21 июля 2014 года за №403.
6. Примерное положение о психолого-медико-педагогических консультациях Министерства образования Кыргызской Республики//Приказ МОиН КР от 21 октября 2004 года за №739/1.
7. Положение о порядке выявления детей и семей, находящихся в трудной жизненной ситуации//Постановление Правительства Кыргызской Республики 22 июня 2015 года, за №391.
8. Типовое положение о Комиссии по социальным вопросам при исполнительных органах местного самоуправления//Постановление Правительства Кыргызской Республики от 21 мая 2014 года за №264.

**Литература**

1. Антонович Л., Сайназаров К. Все дети в школе: Обеспечение всеобщей посещаемости в школах. Дорожная карта. – Б., 2013. – 38 с. (в рукописи)
2. Дети 7-11 лет, не посещающие школу (г. Нарын)/Результаты исследования Центра изучения общественного мнения и прогнозирования. – Б., 2001. – 30 с.
3. Дети, не посещающие школу/Центр изучения общественного мнения и прогнозирования. – Б., 2003. – 43 с.
4. Дети, не посещающие школу в Кыргызстане/МОиН КР, ЮНИСЕФ. – Б.: 2008. – 110 с.
5. Иманкулова М.Т. Развитие общинной информационной системы управления образованием в Кыргызстане//ж Мектеп-школа, 2003 – №2. – С. 47-51.
6. Иманкулова М.Т., Эсенгулова М.М. и др. Педагогический менеджмент в школьном образовании. Инструментарий по лидерству, наставничеству и мониторингу. – Б.: «Билим», 2012. – 150 с.
7. Иманкулова М.Т. Социальная педагогика: профилактика жестокого обращения с детьми. Пособие для социальных педагогов общеобразовательных организаций. – Б., 2013. – 84 с.
8. Иманкулова М.Т. Охват всеобщим школьным образованием: состояние проблемы и пути решения//ж. «Известия Кыргызской академии образования». – Бишкек, 2015. – №1 (33). – С. 31-36.
9. Обеспечение регулярной посещаемости и основного образования всех детей. Обучение школьного персонала. – Таджикистан, 2014. – 72.
10. Предоставление ребенку возможности продолжить обучение в школе после длительного перерыва (Ситуационный анализ). – Б., 2008. – 63 с.
11. Романов П.В. Стратегия кейс-стади в исследовании социальных служб//Социс, 2005, №4, – С. 101-109.
12. «Учимся вместе». Методическое пособие по инклюзивному образованию для учителей общеобразовательных школ /сост. Ж. С. Барсанаева, А. Н. Тентимишева. – Б., 2014. – 60 с.

# ПРИЛОЖЕНИЯ

# 10. ПРИЛОЖЕНИЕ

***Приложение 1.***

*Утверждено 30 апреля 2003 года N 92*

**ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**Об образовании (извлечения)**

(В редакции Законов КР от
28 декабря 2006 года N 225, 31 июля 2007 года N 111,
31 июля 2007 года N 115, 20 января 2009 года N 10,
17 июня 2009 года N 185, 15 января 2010 года N 2,
13 июня 2011 года N 42, 8 августа 2011 года N 150,
29 декабря 2011 года N 255, 29 декабря 2012 года N 206)

### Статья 3. Право на образование

Граждане Кыргызской Республики имеют право на образование независимо от пола, национальности, языка, социального и имущественного положения, ограничений возможностей здоровья, рода и характера занятий, вероисповедания, политических и религиозных убеждений, места жительства и иных обстоятельств.

Граждане других государств и лица без гражданства на территории Кыргызской Республики получают образование в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

(В редакции Закона КР от 29 декабря 2011 года N 255)

### Статья 16. Школьное образование

Школьное образование является основным звеном системы образования и включает 3 ступени:

- начальное общее - 1-4 классы;
- основное общее - 5-9 классы;
- среднее общее - 10-11 классы.

Обучение в начальной общей и основной общей школах является обязательным для всех граждан Кыргызской Республики, а в государственных и муниципальных учебных заведениях - бесплатным. Государство обеспечивает реализацию права граждан на получение в государственных и муниципальных учебных заведениях бесплатного среднего общего образования на уровне государственных образовательных стандартов.

Школьное образование обеспечивает соответствующие его ступеням знания, умения, практические навыки и развитие, достаточные для активной деятельности личности в обществе, и служит базой для овладения профессией и квалификацией.

Как правило, возраст поступления в школу - 6-7 лет, продолжительность обучения в каждом классе - не менее одного учебного года.

Начальное общее образование имеет целью формирование личности ребенка, развитие его интеллектуальных способностей, создание прочных навыков счета, чтения и письма на изучаемом языке, а также навыков общения на государственном и официальном языках.

Начальное общее и основное общее образование осуществляется по дневной форме обучения.

На обучение по программам основного общего образования принимаются без конкурса все учащиеся, окончившие начальную школу. Выпускники начальных специальных школ принимаются с условием проверки уровня их подготовленности для освоения программ основного общего образования.

